Долбоор

**Суунун, топурактын сынамын алуунун, абанын булганышын жана курчап турган чөйрөнүн радиациялык абалын өлчөөнүн методикасын бекитүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому**

«Ишкердик ишти жөнгө салуунун нормативдик укуктук базасын оптималдаштыруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2-статьясын жүзөгө ашыруу, ишкердик субъектилеринин укуктарынын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарынын корголушун камсыз кылуу, «Ишкердик субъектилерине текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-статьясына ылайык, ыйгарым укуктуу текшерүү жүргүзүү органдары тарабынан өздөрүнүн милдеттерин аткаруу максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

1. Суунун, топурактын сынамын алуунун, абанын булганышын жана курчап турган чөйрөнүн радиациялык абалын өлчөөнүн тиркелген методикасы бекитилсин.
2. Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги тарабынан аракеттеги Мамлекеттик стандарттарды (ГОСТторду) оптималдаштыруу жана систематизациялоо боюнча тиешелүү мамлекеттик органдардын иш-аракетин координациялоо камсыз кылынсын.
3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Айлана-чөйрөнү коргоо жана токой чарбачылыгы мамлекеттик агенттиги жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциясы тарабынан үч айлык мөөнөттүн ичинде сынамдарды алууда, айлана-чөйрөнүн абалына мониторинг, контроль жана көзөмөл жүргүзүүдө колдонулуучу, Бажы Биримдигинин мамлекеттер аралык ГОСТторуна ылайык, ГОСТторду системалаштыруу жүргүзүлсүн жана колдонулуучу стандарттар менен нормативдерди үндөштүрүү жана легитимдештирүү боюнча сунуштар берилсин.
4. Ушул токтомдун аткарылышына контроль жүргүзүү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын агро-өнөр жай комплекси жана жаратылышты пайдалануу бөлүмүнө жүктөлсүн.
5. Ушул токтом расмий жарыялангандан отуз күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Премьер-министр** **Т. Сариев**

**Маалымкат - негиздеме**

**Суунун, топурактын сынамын алуунун, абанын булганышын жана курчап турган чөйрөнүн радиациялык абалын өлчөөнүн методикасын бекитүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун долбооруна карата**

Суунун, топурактын сынамын алуунун, абанын булганышын жана курчап турган чөйрөнүн радиациялык абалын өлчөөнүн методикасынын долбоору (мындан ары - Методика) 2008-жылдын 5-апрелиндеги №55 «Ишкердик ишти жөнгө салуунун нормативдик укуктук базасын оптималдаштыруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2-статьясынын , 2007-жылдын 25-майындагы №72 «Ишкердик субъектилерине текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-статьясынын, 1999-жылдын 16-июнундагы №53 «Айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 29-, 30-, 31-статьяларынын, 2009-жылдын 8-майындагы №151 «Кыргыз Республикасындагы экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу боюнча жалпы техникалык регламент» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-,10-, 11-, 12-, 14-, 19-статьяларынын, жана 2007-жылдын 6-ноябрындагы №533 «Ишкердик субъектилерине текшерүү жүргүзүүнүн тартиби жана ишкердик субъектилерине текшерүүлөрдү жүргүзүүгө укугу бар ыйгарым укуктуу органдардын тизмегин аныктоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген Ишкердик субъектилерине текшерүү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө жобонун 5.3., 13.2., 13.3., 20.3., 30.1.48-пункттарынын талаптарын жүзөгө ашыруу максатында иштелип чыккан.

Мамлекет ишкердик иштин жөнгө салууну жүзөгө ашыруу менен, ишкердик субъектилеринин жүрүм-турумунун жалпыга милдеттүү эрежелерин белгилейт жана белгиленген эрежелер менен нормалардын сакталышына текшерүү жүргүзөт. Ишкердик субъектилерине текшерүү жүргүзүүдө сынамдарды алуунун айкын процедураларынын жана методикаларынын жоктугу, бир жагынан, текшерүүчү органдардын субъективдүү мамиле кылуусуна, экинчи жагынан, «ак ниет эмес» ишкердик субъектисинин жоопкерчиликтен четтөөсүнө, жана натыйжасында калган жарандардын жашоо жана саламаттык үчүн жагымдуу айлана-чөйрөгө болгон укуктарынын бузулушуна өбөлгө түзөт.

«Ишкердик субъектилерине текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-статьясына ылайык текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн принциптеринин бири болуп ишкердик субъектилеринин ак ниеттүүлүгүнүн жоромолу принциби жана милдеттүү түрдөгү талаптарды белгилөөчү Кыргыз Республикасынын

мыйзамдарындагы карама-каршылыктар жана так эместиктер ишкердик субъектисине каршы колдонууга мүмкүн болбогон принцип саналат.

Мыйзамдын так эместиги кемчилдиктер, механизмдин же процедуралардын жоктугу, болгон нормалардагы так эмес жана бир маанилүү эмес аныктамалардын болушу менен түшүндүрүлөт, бул болсо ишкердик субъектисине өздөрүнүн милдеттенмелерин айкын аныктоого же аткарууга мүмкүндүк бербейт.

НУАлардын тексттериндеги укуктук нормалардын жана жоболордун талаптагыдай жазылбаганы мамлекеттик органдар сыяктуу эле ишкерлердин да натыйжалуу иши үчүн тоскоолдуктарды жаратат.

Суунун, топурактын сынамын алуунун, абанын булганышын жана курчап турган чөйрөнүн радиациялык абалын өлчөөнүн Методикасынын долбоору сынамдарды алуунун болбогон жана аныкталбаган эрежелери менен тартибин четтетүү максатында иштелип чыккан. Сунуш кылынып жаткан Методика Кыргыз Республикасы үчүн жаңы нормативдик документ болуп саналат жана азыркы убакка чейин толук түрдө мыйзамдан өз ордун таба албаган маселелерди тийиштүү түрдө жөнгө салынышына көмөк көрсөтөт. Сынамдарды алуунун системалаштырылган жана жөнгө салынган методикасы экоаналитикалык контролдоо циклинин өтө олуттуу этабынан болуп саналат, анткени ал тургай анализдин эң так натыйжалары да туура эмес жүргүзүлгөн сынамдарды алууда бүтүндөй маанисин жоготот. Сынамдарды туура эмес алуудан келип чыккан каталарды адатта кийин оңдоого мүмкүн эмес. Ошентип, сынамдарды алуунун шайкеш ыкмаларын тандап алуу өтө маанилүү, муну жөнгө салуу сунушталып жаткан Методиканын көздөгөнү. Ошондой эле Методика контролдук жүргүзүүчү органдар тарабынан талап кылынуучу бюрократиялык процедураларды минимумга түшүрүү жолу менен бизнес-коомдоштукка жана чарбачылык субъектилерине түздөн-түз таасирин көрсөтө алат, анткени сынамдарды алуу маселелеринин айкын жөнгө салынышы бул тармактагы деталдаштырылган жөнгө салуунун жоктугуна байланыштуу болгон соттук териштирүүлөрдү жана контроль жүргүзүүчү органдар тарабынан чечимдердин кабыл алынышындагы субъективизмди азайтууга түрткү берет. Сынамдарды алуу маселелерине карата адам факторунун (контроль жүргүзүүчү органдардын кызмат адамдары тарбынан чечимдердин кабыл алынышы) четтетилиши да ылайыктуу болот.

Методиканын долбоору 2009-жылдын 20-июлундагы №241 «Кыргыз Республикасынын нормативдик укуктук актылары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын, 2006-жылдын 8-июнундагы №1064-III Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин токтому менен бекитилген Мыйзам техникасы боюнча нускамалардын, 2013-жылдын 10-июнундагы №341 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Регламентинин талаптарына жооп берет, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына жана эл аралык укуктарга каршы келбейт, башка нормативдик укуктук актыларды кайталабайт.

Сынамдарды алуунун түшүнүктүү жана ачык процедуралары айлана-чөйрөнүн абалынын мониторингин жүргүзүүдө жана ишкердик субъектилерин текшерүүлөрдү жүзөгө ашырууда убакыттын коромжусун азайтуу, ашыкча, ашыра көтөрүлгөн талаптарды алып салуу, бюрократтык процедураларды азайтуу жана ишкердик ишти жүргүзүүдөгү тобокелдиктерди минимумга түшүрүү жолу менен ишкердик субъектилеринин укуктарын коргоо үчүн оң натыйжасын берет. Ошол эле учурда бардык милдеттүү түрдөгү нормалардын сакталышы менен, чарбалык ишти жүргүзүүгө ишкерлерди өбөлгөлөө адамдын өмүрүн жана саламаттыгын сактоого, жагымдуу экологиялык чөйрөгө болгон жарандардын конституциялык укуктарынын корголушуна алып келет.

Нормативдик укуктук актынын ушул долбоору эркектер менен аялдардын укуктарынын, милдеттеринин, жопкерчиликтеринин, мүмкүнчүлүктөрүнүн бирдейлигине, тең өнөктөштүк мамилелерине жана натыйжаларына олуттуу таасир көрсөтпөйт.

Текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн айкын процедуралары экологиялык коопсуздукту камсыз кылуучу ыкмалар менен чарбалык субъектилердин ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө өбөлгөлөп турат.

Айлана-чөйрөнүн мониторингин жүргүзүүдөгү жана ишкердик субъектилерин текшерүүлөрдү жүзөгө ашыруудагы субъективизмдин азайышы, текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн бүтүндөй процессинин ачыктыгы мамлекеттик контроль жүргүзүүчү органдарындагы коррупцияны төмөндөтүүгө мүмкүндүк түзөт.

Сунушталып жаткан суунун, топурактын сынамын алуунун, абанын булганышын жана курчап турган чөйрөнүн радиациялык абалын өлчөөнүн Методикасынын долбоору негизинен мамлекеттик бюджетке, ишкердик субъектилердин бюджеттерине кошумча каржылык чыгымдарды алып келбейт. Мыйзамдардагы кемчилдиктердин азайышы, б.а. зарылдыгы мамлекеттин колдонуудагы укуктук системасынын маңызы жана мазмуну менен шартталган, жок укуктар менен эрежелердин нормаларынын даярдалышы, өлкөнүн нормативдик укуктук базасынын оптималдашуусун камсыздайт.

Методиканын долбоору эл аралык укук принциптерине жана нормаларына да шайкеш келет, бирдей коомдук мамилелерди жөнгө салуучу нормативдик укуктук актылардын ортосундагы карама-каршылыкты (нормативдик укуктук актылардын коллизиясы) төмөндөтөт жана субъективдүү түшүнүктү алып жүргөн жоболорду азайтууга багытталган, бул бизнес-чөйрөгө жана текшерүүчү органдардын ишинин натыйжалуулугуна оң таасирин тийгизет.

Экономика үчүн пайда текшерүүлөрдү жүргүзүүдө жана улуттук мыйзамдардан коррупциогендик нормаларды алып салууда мамлекеттик жөнгө салууну оптималдаштыруунун, мамлекет менен жеке сектордун ортосундагы өз ара мамилелерди жакшыртуунун натыйжасында бизнес-чөйрөгө көрсөтүлгөн жалпы таасирден түзүлөт.

Методиканын кабыл алынышы Жөнгө салуучу таасирдин талдоосун талап кылбайт, анткени ал ишкердик ишмердүүлүктү жөнгө салууга багытталган эмес. Даярдалган Методиканын долбоору айлана-чөйрөнүн абалына мониторинг жүргүзүүдө, ошондой эле мамлекеттик контролдоо органдары тарабынан ишкердик субъектилерине текшерүүлөр жүргүзүүдө сынамдарды (үлгүлөрдү) алууну тартипке келтирүүгө чакырат.

**Кыргыз Республикасынын**

**Экономика министри** **О. Панкратов**

2015-жылдын «__»__________№ ____

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн

токтому менен бекитилген

**Суунун, топурактын сынамын алуу, абанын булганышын жана курчап турган чөйрөнүн радиациялык абалын өлчөө боюнча методика**

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Суунун, топурактын сынамын алуу, абанын булганышын жана курчап турган чөйрөнүн радиациялык абалын өлчөө боюнча ушул методика (мындан ары Методика) калк жашаган пункттардагы суунун (ичүүчүдөн башка), абанын, атмосферага чыккан өнөр жай чыгындыларынын жана булгоочу заттардын бөлөк чыгындыларынын сынамын алуунун, топурактын жана суу астындагы чөкмө катмарлардын сынамын алуунун жана радиациялык фондун өлчөөлөрүнүн тартибин жана эрежелерин аныктоо максатында даярдалды.

1.2. Кыргыз Республикасынын аймагындагы айлана-чөйрөнүн абалына жана өзгөрүшүнө көзөмөл жүргүзүү, эсебин алуу, баалоо, прогноздоо, контролдоо жана башкарууну камсыз кылуу Методиканын милдеттеринен болуп саналат.

1.3. Методика эл аралык тажрыйбалар эске алынуу менен Кыргыз Республикасынын жаратылышты коргоо мыйзамдарына ылайык даярдалды.

1.4. Айлана чөйрөнү коргоо жагындагы аккредиттик изилдөө лабораториялар, сынамдарды тандоодо аккредиттик усулдарды колдалуш керек.

1.5. Сынамдарды алуунун жана өлчөөлөрдү жүргүзүүнүн деталдык процедурасы стандарттарда жана нормативдерде – жүргүзүлгөн иштерге карата белгиленген талаптар көрсөтүлгөн жана Кыргыз Республикасында колдонулуучу документтерде чагылдырылган. (1-тиркеме).

## 2. Багыты жана колдонулушу

2.1. Ушул Методика сынамдарды/өлчөөлөрдү алуунун процедураларына жана методдоруна, сынамдарды жана өлчөөлөрдү алуудагы коопсуздукка,

ошондой эле алынган сынамдарды сактоого жана ташууга карата коюлган талаптарды аныктайт.

2.2. Методика мамлекеттик экологиялык контролдоо жана көзөмөлдөө органдарынын адистери, айлана-чөйрөнүн абалынын монитроинги боюнча жооптуу болушкан ишкердик субъектилеринин жана коммерциялык эмес экологиялык уюмдардын айлана-чөйрөнү коргоо боюнча эксперттери, ошондой эле айлана-чөйрөгө тийгизген таасирди баалоо (АЧТТБ) боюнча иштердин аткаруучулары колдонуу үчүн арналган.

2.3. Ушул Методиканын эрежелери төмөнкүлөрдүн сынамын алууда колдонулат:

2.3.1. Курамында эриген жана калкыган абалында булгоочу кошулмаларды кармап турган ишканалардын, айрым өндүрүштөрдүн, цехтердин, түзүлүштөрдүн, тазалоочу курулмалардын, суу менен камсыздоо жана канализациянын айлануучу системаларынын агынды сууларынын;

2.3.2. Антропогендик таасирге дуушар болгон жер үстүндөгү суулардын;

2.3.2. Стационардык уюштурулган же уюштурулбаган чыгындылардын булактарынан, өнөр жай ишканаларынан, айрым өндүрүштөрдөн, цехтерден, атмосфералык абага чыккан булгоочу заттардын чыгындыларынын;

2.3.3. Топурактын булганган жалпы жана локалдык участкаларынын;

2.3.4. Суу объектилеринин суу астындагы чөкмө катмарларынын;

2.3.5. Техногендик булактардын жана жаратылыш булактарынын радиациялык нурдануусу үчүн.

2.4. Сынамдарды алуу төмөнкүдөй максаттар үчүн жүргүзүлөт:

2.4.1. Кыска убактылуу мүнөздөгү өзгөрүүлөр байкалганда түзөтүүчү чараларды көрүү үчүн айлана-чөйрөнүн сапатын изилдөө;

2.4.2. Изилдөөлөр программаларын белгилөө үчүн же узак мөөнөттүү мүнөздөгү өзгөрүүлөрдү байкоо үчүн айлана-чөйрөнүн сапатын изилдөө;

2.4.3. 1-тиркемеде келтирилген, регламенттелген стандарттардагы жана нормативдердеги көрсөткүчтөр боюнча агынды суулардын, чыгындылардын жана топурактын курамын жана касиеттерин аныктоо;

2.4.4. Суу объектилеринин, атмосфералык абанын жана топурактын булгануу булактарынын идентификацияланышы;

2.4.5. 1-тиркемеде келтирилген, регламенттелген стандарттардагы жана нормативдердеги көрсөткүчтөр боюнча айлана-чөйрөнүн (калк жашаган пункттардын, ишканалардын) радиациялык фонун аныктоо;

2.4.6. Радиациялык нурдануу булактарынын идентификацияланышы.

2.5. Ушул Методика төмөнкүлөр үчүн дагы колдонулушу мүмкүн:

2.5.1. Айлана-чөйрөгө тийгизген таасирди баалоо (АЧТТБ) максатында белгиленип жаткан ишмердүүлүктүн таасири тийиши мүмкүн болгон потенциалдык зонанын чек араларындагы жаратылыш шарттары жөнүндө туура маалыматтарды алуу үчүн айлана-чөйрөнүн абалына изилдөөлөрдүн жүргүзүлүшүн контролдоо программаларын аныктоо;

2.5.2. Ишкананы куруу, иштетүү жана жоюу процессинде айлана-чөйрөнүн курамдык бөлүгүнүн абалына мониторинг жүргүзүлүшү үчүн контролдоо программаларын аныктоо;

2.5.3. Коммуналдык канализациянын тармактарындагы жана айлана-чөйрөгө чыккан агынды сууларды тазалоону жана ташууну жүзөгө ашырышкан бөлөк ишканалардын агынды сууларынын саркындыларына контролдоо программаларын аныктоо;

2.5.4. Физикалык, химиялык жана гидробиологиялык көрсөткүчтөрү боюнча суу объектилериндеги суунун сапатын контролдоо программаларын аныктоо жана жаратылыш чөйрөсүндөгү суу объектилеринин булганышын контролдоо;

2.5.5. Болгон жана жаңы курулуп жаткан калк жашаган пункттардагы абанын сапатын контролдоо программаларын аныктоо;

2.5.6. Өнөр жай жана бөлөк ишканалардын атмосферага чыгарган зыяндуу заттарынын чыгындыларына контролдоо программаларын аныктоо;

2.5.7. Өнөр жайынын, айыл чарбасынын, турмуш-тиричиликтин таасиринин астындагы райондордогу топурактын жалпы жана локалдык булгануусун жана булгануунун транспорттук булактарын контролдоо программаларын аныктоо;

2.5.8. Топурактын сапаттуу абалын баалоо программаларын аныктоо;

2.5.9. Түшүмдүүлүгү аз жерлерди семиртүү үчүн арналган күрдүү катмардын абалын контролдоо программаларын аныктоо;

2.5.10. Калктын коопсуздугун камсыз кылуу үчүн техногендик жана жаратылыш булактарынын радиациялык нурдануусун контролдоо программаларын аныктоо;

2.5.11. Ишканалардын нормалдуу иштешинде дозалардын белгиленген негизги чектеринин жана жол берилүүчү деңгээлдеринин сакталышын кошкондо, радиациялык коопсуздуктун принциптеринин жана нормативдердин талаптарынын сакталышынын даражасын контролдоо программаларын аныктоо;

2.5.12. Радиациялык кырсыктар болгон, жерлер жана имараттар радионуклиддер менен булганган учурда, ошондой эле аймактардагы жана имараттардагы табигый нурдануунун жогорку деңгээлинде коргоону оптималдаштыруу жана кийлигишүү жөнүндө чечимдерди кабыл алуу программаларын аныктоо;

2.5.13. Курамында өтө көп радиоактивдүү калдыктарды камтыган өндүрүш калдыктарын иштетүүдө радиациялык коопсуздукту камсыз кылуу боюнча программаларды аныктоо.

## 3. Терминдер жана аныктамалар

3.1. Ушул Методиканын максаттары үчүн колдонулуп жүргөн терминдер пайдаланылат жана төмөнкүдөй түшүнүктөр аныкталды:

**Зыяндуу заттардын чыгындылары, саркындылары** - кандайдыр бир булгоочу булактардан тышкы чөйрөгө (атмосфералык абага, суу объектилерине, жерге) булгоочу заттардын чыгарылышы;

Мамлекеттик Стандарт (**ГОСТ**)- стандартташтыруу объектине карата нормаларды, эрежелерди, талаптарды белгилөөчү жана мамлекеттик башкаруу органдарынын жана чарбалык иштин субъектилеринин бардыгы тарабынан сакталууга милдеттүү болгон нормативдик-техникалык документ;

**Сынамдардын/өлчөөлөрдүн идентификациясы –** алынган сынамдарга жана жүргүзүлгөн өлчөөлөргө идентификациялык маркировка түшүрүү процедурасы

**Идентификациялык маркировка, маркировка –** сынамдардын жана изилденүүчү элементтердин жайгашкан жерин жана тибин аныктоо үчүн таанып-билүүчү, идентификациялык номерлердин жана белгилердин коюлушу.

**Сынамдарды консервациялоо –** сынамдарды алуу учурунан тартып анализ жүргүзүү башталганга чейинки мезгилдин ичинде сынамдардын сапаттык жана сандык курамынын өзгөрүүлөрүнүн алдын алып чара көрүү процедурасы.

**Сынамдарды алуу түзүлүшүнүн контейнери –** алынган сынам куюлган, сынамды алуу түзүлүшүнүн туруктуу же алмаштырылып турууучу курамдык бөлүгү; алмаштырылып турууучу контейнер сынамдарды сактоо үчүн идиш катары колдонулушу мүмкүн.

**Топурактын локалдык булгануулары** – булгоонун түйүндүк булактарынан келип чыккан, чектелген аймактардагы булгануулар: химиялык заттардын таштандыларынан, фермаларынан, кампаларынан ж.б.;

**Айлана-чөйрөнүн мониторинги –** айлана-чөйрөнүн параметрлерине байкоо жүргүзүү, анын абалын баалоо жана күтүлүүчү өзгөрүүлөрдүн божомолу;

**НВН (СКН) –** агынды сууларды анализдөө үчүн сынамдарды алууда колдонулуучу суу көзөмөлүнүн нормативдери;

**Бир тектүү эмес жер кыртышы –** топурактын окшош касиеттери менен 70 % кичине аянтты камтыган жер кыртышы;

**Топурактын жалпы булгануулары –** өсүмдүктөрдү коргоочу химиялык каражаттарды (ӨКХК), органикалык жана органикалык эмес жер семирткичтерди колдонуудан, агынды суулар менен сугаруудан келип чыккан булганууллар, ошондой эле чоң аймактарга таркап кеткен булганууллар;

**Бир тектүү жер кыртышы –** топурактын окшош касиеттери менен 70 % кем эмес аянтты камтыган жер кыртышы;

Жол берилүүчү чектик концентрация **(ЖБЧК)** – азыркы жана кийинки муундардын бардык жашоо мезгилинде заманбап изилдөө методдору менен белгиленген, адамдын организмине узак убакыттар бою күндө таасир этүүдө патологиялык өзгөрүүлөрдү жана ооруларды чакырбаган айлана-чөйрөдөгү химиялык элементтердин жана алардын бирикмелеринин концентрациясы.

Сиңирип алуучу приборлор (сорбциондук түтүкчөлөр) лабораториялык шарттарда кийинки анализ үчүн сынамдарды алуу процессинде абада зыяндуу кошулмаларды кармоо үчүн түзүлүштү (аспираторду) комплекттөөгө арналган.

**Суунун сынамы** – лабораториялык изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн жетишерлик санда контролдонуп жаткан объекттен тандап алуу

процедурасына ылайык алынган жана аналитикалык сынамдарды алуунун булагы болуп кызмат кылган суунун көлөмү.

**Сынам алынуучу аянтча –** сынамдар алынган жер, бирдей шарттары менен мүнөздөлүүчү изилденип жаткан аймактын бөлүгү;

**Сынам алуучу түзүлүш (сынам алгыч курал)** – контролдонуучу объекттен сынамды чыгаруу үчүн арналган курал;

**Суунун чыгымы –** убакыт бирдик ичинде сайдын туурасынан кесилиши аркылуу аккан суунун көлөмү;

**Агынды суулардын касиеттери** – изилденип жаткан булгоочу заттардан айырмаланган көрсөткүчтөрү боюнча агынды суулардын мүнөздөмөсү;

**Агынды суулардын курамы** – булгоочу заттардын тизмесин жана алардын мазмунун камтыган агынды суулардын мүнөздөмөсү;

**Курамдык сынам** – экиден кем эмес бир жерден алынган сынамдардын аралашмасы;

**Стационардык пост** - атмосферанын булганышына байкоо жүргүзүүчү, адистерди жайгаштыруу үчүн атайын жабдылган жана атмосфераны булгоочу заттардын концентрациясын үзгүлтүксүз узак убакытка каттоого алуу үчүн зарыл болгон аппаратура менен, белгиленген программа боюнча сынамдарды алуу үчүн жана метеорологиялык параметрлерди өлчөө үчүн куралдар менен жабдылган курулма (ГОСТ 17.2.1.03-84);

**Термоизоляциялык контейнер (термоконтейнер)** – сынамдарды айлана-чөйрөнүн жогорку же төмөнкү температураларынын таасиринен коргоо үчүн арналган, алынган сынамдарды сактоо жана ташуу үчүн колдонулуучу идиш.

**Бир жерден алынган сынам** – ошол горизонтко же катмарга типтүү болгон, горизонттун бир жеринен же топурак профилинин бир катмарынан алынган материал;

## 4. Сынамдарды алуунун жана өлчөөлөрдү жүргүзүүнүн жалпы эрежелери

### 4.1. Сынамдарды алуу жана өлчөөлөрдү жүргүзүү

4.1.1. Программа изилденүүчү объектке жараша алдыга койгон милдеттер менен аныкталат жана 1-тиркемеде келтирилген стандарттарда жана нормативдерде белгиленген талаптарга жооп берүүгө тийиш.

4.1.2. Сынамдарды алуу жана өлчөөлөрдү жүргүзүү процедуралары төмөнкүлөрдү аныктайт:

1) өлчөөлөрдүн жана сынамдардын түрүн;

2) сынамдардын көлөмүн;
3) колдонулуучу идиштер;
4) сынамдарды сактоонун ыкмалары.

4.1.3. Сынамдарды же өлчөөлөрдү идентификациялоо жана документтештирүү тартиби менен бирдей эле, процедураларды булгануунун ар бир параметрине карата колдонуу керек.

4.1.4. Алынган сынамдар жана өлчөнгөн параметрлер боюнча алынган маалыматтар изилденип жаткан аймактын негизги көрсөткүчтөрүн ушул учурга же белгилүү бир убакыт аралыгына мүмкүн болушунча кеңири көрсөтүүгү тийиш.

4.1.5. Сынамдарды алуу, сактоо жана ташуу ыкмалары сынамдардын алынышы менен алардын анализинин ортосундагы интервалда алардын курамынын өзгөрүлбөстүгүнө кепилдик берүүгө тийиш.

4.1.6. Сынамдарды алууга жана өлчөөлөрдү аткарууга чейин сынамдарды жана/же өлчөөлөрдү алуунун деталдык Планын түзүү керек. Анын деталдуулугунун зарыл даражасы сынамдарды (өлчөөлөрдү) алуунун максаттарынан жана изилдөөлөрдүн алдыга койгон милдеттеринен көз каранды. Сынамдардын (өлчөөлөрдүн) максатын аныктоодо натыйжада алынган маалыматтардын дайындалышын так белгилөө зарыл. Сынамдардын жана өлчөөлөрдүн маалыматтарынын сапаты тактык жана аныктык сыяктуу түшүнүктөр менен аныкталат.

### 4.2. Сынамдарды алуунун жана өлчөөлөрдү жүргүзүүнүн планы

4.2.1. Киришүү:

1) Сынамдарды алуунун жана өлчөөлөрдү жүргүзүүнүн себептерин көрсөтүү;
2) Сынамдарды алуунун жана өлчөөлөрдү жүргүзүүнүн максаттарын/милдеттерин көрсөтүү;

4.2.2. Изилденүүчү аймакты чалгындоо:

1) Изилденүүчү аймактын өлчөмүн жана мүмкүн болгон/божомолдонгон булгануунун масштабын аныктоо. Мында бүтүндөй изилденип жаткан зонаны сынамыкты алуу точкалары менен камтуу керек;
2) Сынамдар алынган жана өлчөөлөр жүргүзүлгөн жерлердин санын көрсөтүү;
3) Жердин мүнөздөмөсү (сынамдар алынган жана өлчөөлөр жүргүзүлгөн жерлердин), анын ичинде точканын жайгашкан жери, кыртыштын түрү, жүргүзүлүп жаткан ишмердүүлүктүн мүнөзү;
4) Булгоонун мүмкүн болгон/божомолдонгон булагын аныктоо.

4.2.3. Сынамдар алынуучу жана өлчөөлөр жүргүзүлүүчү жөнгө салуу объекттеринин мүнөздөмөсү (эгер андай болсо):

1) жөнгө салуу объектисин көздөн өткөрүү: мамлекеттик экологиялык экспертизанын оң бүтүмүн алган долбоордук документацияларга, лицензияларды жана/же уруксаттарды алуу шарттарына жараша анын мурунку жана кезектеги милдеттериндеги экологиялык коопсуздук боюнча талаптардын жана нормативдердин сакталышынын мүнөздөмөсү;
2) Экологиялык коопсуздукту бузган ишмердүүлүккө карата болгон даттануулары же арыздарды ылгоо жана таанышуу.

## 4.3. Сынамдарды алуунун жана өлчөөлөрдү жүргүзүүнүн программасы

4.3.1. Сынамдарды алуунун жана өлчөөлөрдү жүргүзүүнүн сыпаттамасы:
1) ордун көрсөтүү:
2) узактыгы;
3) мезгилдүүлүгү;
4) иштетүүлөр жана даярдыктар;
5) контролдонуучу параметрлердин тизмеги;
6) сынамдарды алуу жана өлчөөлөрдү жүргүзүү башталганга чейин жагдайды документтештирүү. Сынамдарды каттоого алуу формалары боюнча өлчөөлөрдү алуунун жана жүргүзүүнүн курамын жана ыкмасын сыпаттап жазуу керек.
7) Сынамдарды алууну жүргүзүүнүн методикасына жана максатына ылайык лабораториялык изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн зарыл болгон сынамдардын көлөмдөрүн көрсөтүү.

4.3.2. Сынамдарды алуу жана өлчөөлөрдү жүргүзүү үчүн жабдыктардын мүнөздөмөсү:
1) Өлчөөчү куралдардын жана сынамдарды алуу жана жүргүзүү үчүн колдонулуучу куралдардын аталышы жана мүнөздөмөсү;
2) Алардын керектүү санын көрсөтүү менен, сынамдарды алуу жана өлчөөлөрдү жүргүзүү үчүн сарпталуучу материалдардын аталышы жана мүнөздөмөсү;
3) Алардын керектүү санын көрсөтүү менен каттоого алынуучу материалдардын аталышы, 4.2.3 тибиндеги. Таңгак жана транспорт:
4) Сынамдардын ар бир түрү үчүн идиштердин жана таңгактоочу материалдын мүнөздөмөсү;
5) Ташуу ыкмаларынын мүнөздөмөсү: сынамдарды ташууну жүзөгө ашырган адам, транспорттун түрүн көрсөтүү;
6) Сынамдарды ташуунун мөөнөттөрү: алар лабораторияга токтоосуз жеткирилерин же адегенде сактоочу жайга жайгаштырыларын көрсөтүү;
7) Алынган сынамдарды сактоо шарттарынын мүнөздөмөсү.

4.3.3. Координация:
1) Координациялоо механизмдерин аныктоо: координатор (топтун жетекчиси) сынамдарды алуунун жана өлчөөлөрдү жүргүзүүнүн жүрүшүнө, топтун коопсуздугуна жана, зарыл болгондо, башка эксперттердин тартылышына жооп берет.

2) Тышкы байланыштардын мүнөздөмөсү: координатор (топтун жетекчиси) тартылган адамдар менен үзбөй байланышта болот.

4.3.4. Коопсуздук маселелери:

1) Изилденүүчү аймактын мүнөздөмөсү: мүмкүн болуучу орографиялык жана башка аймактык коркунучтарды жана көрүлүүгө тийиш болгон тиешелүү коопсуздук чараларын аныктоо;

2) Сынамдарды жана өлчөөлөрдү алуунун мүнөздөмөсү: убагы, түрү жана жолу; мүмкүн болуучу коркунучтарды жана көрүлүүгө тийиш болгон тиешелүү коопсуздук чараларын аныктоо;

3) Жабдууларды эксплуатациялоо: мүмкүн болуучу коркунучтарды жана көрүлүүгө тийиш болгон тиешелүү коопсуздук чараларын аныктоо;

4) Сынамы алынууга тийиш болгон заттын мүнөздөмөсү:

5) Өлчөнүлүүчү параметрдин мүнөздөмөсү: мүмкүн болуучу таасирлердин жана көрүлүүгө тийиш болгон тиешелүү коопсуздук чараларын аныктоо;

6) Жеке коргоочу жабдуулардын жана башка сактоочу материалдардын мүнөздөмөсү;

7) Жоопкерчилик чөйрөлөрүн аныктоо: коопсуздук эрежелеринин сакталышы үчүн жооптуу адамды көрсөтүү. Бул сынамдарды алуунун координатору (топтун жетекчиси) же коопсуздук техникасы боюнча адис болушу мүмкүн. Коопсуздук техникасы боюнча жооптуу адамдын бардык көрсөтмөлөрү токтоосуз аткарылууга тийиш.

4.3.5. Топтун курамы:

Сынамдарды жана өлчөөлөрдү алуу тобунун курамынын мүнөздөмөсү - (фамилиялары, кызматтары же кызматтык милдеттери).

## 4.4. Сынамдарды алуу жана өлчөөлөрдү жүргүзүү боюнча адистерге коюлуучу талаптар

4.4.1. Алынган сынамдардын лабораториялык изилдөөлөрүнүн, ошондой эле түздөн-түз өлчөнгөн параметрлердин анык жыйынтыктарын алуу үчүн, сынамдарды алуу жана өлчөөлөрдү жүргүзүү боюнча квалификациялуу адистерден турган топторду түзүү зарыл жана ушул Методиканын тийиштүү түрдө аткарылышын камсыз кылуу керек;

4.4.2. Сынамдарды жана өлчөөлөрдү алуунун тикелей процессине жашы 18 өткөн, коопсуздук техникасы боюнча инструктаждан жана тиешелүү түрдөгү ишмердүүлүктү жүргүзүүгө аттестациядан өткөн адамдарга уруксат берилет;

4.4.3. Өнөр жай объектилеринен сынамдарды алууда, же талаш-тартыш жагдайы жаралып калган учурда, булгануу бар экенин далилдөө талап

кылынса, сынамдарды же өлчөөлөрдү алуу кызыкдар болгон тараптардын өкүлдөрүнүн катышуусунда жүргүзүлүүгө тийиш.

## 4.5. Сынамдарды жана өлчөөлөрдү жүргүзүүнү идентификациялоо жана документтештирүү

4.5.1. Сынамды (өлчөөнү) документтештирүүнүн максаты сынамдын (өлчөөнүн) бүтүндүгүн жана ажыратып билүүнү камсыз кылууда турат. Сынам (өлчөө) бардык кийинки аракеттерди аткаруунун жүрүшүндө бирдей идентификациялык маркировканы алып жүрүүгө тийиш.

4.5.2. Төмөнкүлөр документтештирилүүгө тийиш:

1) Сынамдар алынып жаткан жана өлчөөлөр жүргүзүлүп жаткан объектти идентификациялоо;
2) Жалпы жайгашкан жери (мисалы, ишкананын дареги);
3) Сынамдар алынган же өлчөөлөр жүргүзүлгөн жердин конкреттүү жайгашкан орду;
4) Жердин мүнөздөмөсү жана коштоочу байкоо жүргүзүүлөр;
5) Сынамдарды алуунун же өлчөөлөрдү жүргүзүүнүн датасы жана убагы;
6) Сынамдардын (өлчөөлөрдүн) мүнөздөмөсү);
7) Идиштин ичиндегиси (конкреттүү чогултулган материал);
8) Анализин жүргүзүү зарыл болгон заттын аталышы;
9) Өлчөө жүргүзүү зарыл болгон компоненттин аталышы;
10) Сынамдарды алуунун же өлчөөлөрдү жүргүзүүнүн себеби;
11) Алынган сынамдардын сандык мүнөздөмөлөрү (көлөмү, саны, салмагы);
12) Коштоочу сынамдарды идентификациялоо (сынамдардын жана өлчөөлөрдүн номерлери), мындайлар бар болсо;
13) Сынамдарды алуунун жана өлчөөлөрдү жүргүзүүнүн жолдору;
14) Сынамдардын түрлөрү (курамдык, бир жерден алынган ж.б.);
15) Колдонулган куралдар жана аспаптар;
16) Колдонуунун ортосундагы тыныгууларда жабдууларды алдын ала тазалоо жана аны жугушсуздандыруу;
17) Сынамдарды сактоо жана ташуу;
18) Негизги идиш, капкактын тиби жана алдын ала тазалоо;
19) Таңгактоо процедурасы;
20) Консервациялоо ыкмасы (эгер муну колдонууга болсо);
21) Лабораторияга жеткирүү жолу (анын ичинде датасы жана убагы);
22) Техникалык түшүндүрмөлөр жана сүрөттөр;
23) Башка маалымат.

4.5.3. Толук жана так жазуу расмий алынган сынамдарды жана жүргүзүлгөн өлчөөлөрдү документтештирүүнүн эң маанилүү компоненти болуп саналат.

Максаты – өлчөөнүн жана алынган сынамдын алынган жерин көзөмөлдөө мүмкүнчүлүгү, алынган учурдан тартып аны процессуалдык ишти жүзөгө ашырууда далил катары көрсөткөн учурга чейин сынамдын бүтүндүгүн камсыздоо.

4.5.4. Алынган сынамды документтештирүү Сынамды алуунун протоколуна ылайык жүргүзүлөт (2-тиркеме).

**4.6. Сынамдарды алуу жана өлчөөлөрдү жүргүзүү үчүн жабдуу**

4.6.1. Лаборатория белгилүү бир булгоочулардын анализи үчүн зарыл болгон сынамдардын түрлөрү жана көлөмү, сынамдарды сактоонун ыкмалары жана сактоо убактысы тууралуу маалыматты бере алат жана ташып алып келүүгө карата көрсөтмөлөрдү берет.

4.6.2. Ал жумушчу абалында болгонуна ынануу үчүн, сынам алынуучу жерге чыкканга чейин сынамдарды алуу жана өлчөөлөрдү жүргүзүү үчүн зарыл болгон жабдуулардын бардыгын жана коргоочу жабдыкты монтаждоо, тазалоо жана текшерүү керек; жабдууларды иштетүү үчүн зарыл болгон бардык энергия булактары (батареялар, аккумуляторлор) тийиштүү жана оң абалында болот.

4.6.3. Андан сырткары сынам алынуучу жерге чыкканга чейин бардык даярдоо иштерин жүргүзүү керек. Буга маркировка, формаларды жана лабораториялык суроо-талаптарды даярдоо жана толтуруу кирет. Сынамдарды алуу үчүн жабдуу жана талаада өлчөөчү жабдуу, талаптар болгондо, калибрденүүгө тийиш.

4.6.4. Кайчылаш булгануунун алдын алуу максатында, сынамдарды алуу үчүн аспаптарды тазалоо керек. Сынамдарды алуу үчүн аспаптарды жана коргоочу кийимди колдонуудан кийин токтоосуз түрдө тазалашат жана аларды бөлөк сакташат. Сынамдардын анализи жүргүзүлө турган лабораторияда тазалоо боюнча айкын көрсөтмөлөрдү алуу керек. Айрым лабораториялар алдын ала тазаланган сынам үчүн идиштерди өздөрү беришет.

4.6.5. Эгер жабдууну тазалоого мүмкүн болбосо, же алар жараксыз болуп калса, анда жабдууну алмаштыруу керек. Жабдуулардын пайдалануу мөөнөтү чектелүү, ошондуктан аны такай алмаштырып туруу абзел (мисалы, түтүк сымал газ чыпкалары, газ үчүн индикатордук түтүкчөлөр, коргоочу маскалар ж.б.). Суутектин көрсөткүчүн өлчөө үчүн куралдар сыяктуу башка (өлчөөчү) каражаттар мезгил-мезгили менен калибрдөөгө муктаж болуп турат. Өз убагында чаралардын көрүлүшүн камсыз кылуучу административдик системанын болушу тууралуу кам көрүү зарыл.

4.6.7. Сынамдарды алуучу адамдар сынамдарды алуу үчүн жабдууларды тийиштүү түрдө утилдештирүү боюнча талаптар тууралуу кабардар болууга тийиш. Сынган же мындан ары пайдалануу үчүн жараксыз даражада

булганган жабдууну тийиштүү түрдө тазалап, пломба коюп, аны утилдештирүү үчүн лабораторияга тапшыруу керек.

4.6.8. Сынган айнек бөтөлкөлөрдү жана банкаларды пакетке салардын алдында бир нече кат газета менен ороо керек. Булганган учурда сынган айнекти кооптуу калдыктар топтолуучу атайын пунктка жайгаштыруу талап кылынат.

4.6.9. Сынамдарды алуу үчүн зарыл болгондо экинчи жолу колдонула турган айнекти же металл жабдууну ар бир сынам алынгандан кийин жугушсуздандыруу керек.

## 4.7. Сынамдарды алуу жана өлчөөлөрдү жүргүзүү боюнча отчеттуулук

4.7.1. Отчетто алынган сынамдардын жана жүргүзүлгөн өлчөөлөрдүн жыйынтыктары кыскача корутундулап айтылат жана көрсөтүлөт. Сынамдарды алуунун жана өлчөөлөрдү жүргүзүүнүн жүрүшүндө документтештирилүүчү маалыматтан сырткары төмөнкүлөр эске алынууга тийиш:

1) Алынган сынамдардын жана жүргүзүлгөн өлчөөлөрдүн жыйынтыктарынын мааниси;
2) Мыйзамдардын талаптары;
3) Мыйзамдардын талаптарынын сакталышына карата салыштыруу жана корутунду чыгаруу (ЖБЧКга ылайык же андан ашык).

## 4.8. Сынамдарды сактоо жана ташуу

4.8.1. Сынамдын көлөмү лабораториялык анализди жүргүзүү үчүн талап кылынган материалдын көлөмүнөн жана сапатты контролдоо максатында талап кылынган көлөмдөрүн кошкондо, сынамдын көрүнүктүүлүгүн камсыздоо зарылдыгынан көз каранды. Сынамдын колдонулбаган бөлүгүнүн көлөмүн азайтуу жана анын адамга жана/же айлана-чөйрөгө тийгизилүүчү потенциалдык таасирин жеңилдетүү үчүн, ушул керектөөлөр эске алынуу менен сынамдын өлчөмү минималдуу болууга тийиш.

4.8.2. Сынам алынгандан жана документтештирилгенден кийин ал лабораторияга жөнөтүлгөнгө чейин коопсуз жайда сакталып турушу керек.

Сынам(-дар) 4.5.2. пунктуна ылайык бардык коштоочу документтери менен чогуу лабораторияга жөнөтүлөт.

4.8.3. Лабораторияга сынамды ташуунун колдонулуп жүргөн ыкмаларына карабастан, бир катар талаптардын сакталышы зарыл:

1) Сындырып алуудан же сынамдын булгоосунан оолак болуу үчүн айнек идиштер эч качан чогуу салынбашы керек;
2) Сынамдардын маркировкасы дайыма коргоочу пластик пакеттен даана көрүнүп турууга тийиш;

3) Коштоочу документтер пластик пакеттер менен капталып сынамдарга тиркелиши керек.

4.8.4. Лабораториянын жетекчисине же дайындалган адамга телефон аркылуу сынамды ташып алып баруу, ташуунун ыкмасы жана сынамдардын келе турган убагы тууралуу билдирүү керек.

**4.9. Сынамдарды жана өлчөөлөрдү алуудагы коопсуздук талаптары**

4.9.1. Сынамдарды алууда коопсуздук техникасын сактоо талап кылынат. Тийиштүү аспаптарды колдонуу зарыл, бир жагынан, сынамдын булганышынын алдын алуу үчүн, экинчи жагынан, сынамды алууда коопсуздуктун кепилдениши үчүн.

4.9.2. Сынамдарды алуу же өлчөөлөрдү жүргүзүү процессинде мүмкүн болуучу кырсыктарды алдын ала караштыруу, алардын кантип алдын алууну, жана, алар болгон учурда адам жана айлана-чөйрө үчүн тобокелдикти кантип азайтууну ойлонуштуруу сунушталат.

4.9.3. Сынамдарды алуунун же өлчөөлөрдү жүргүзүүнүн убагында чектелген мейкиндикке эгер адис даярдыктан өткөн жана сактоочу жабдыктар жана респираторлор сыяктуу коргоочу жеке каражаттары бар болгон учурда гана кире алат.

4.9.4. Чектелген мейкиндиктер кычкылтектин жетишерлик өлчөмдө болушуна жана уулуу жана жарылуучу газдардын жок болушуна текшерилүүгө тийиш. Сөзсүз түрдө эки адам болушу керек, бирөө мейкиндикке кирет, экинчиси сыртында калат.

4.9.5. Координатор (топтун жетекчиси) изилдөөлөрдү жүргүзүүнүн алкагында сынамдарды алуунун же өлчөөлөрдү жүргүзүүнүн убагында өзүн жана башкаларды коргоо үчүн жооптуу болот.

4.9.6. Химикаттарды кийимге же түздөн–түз териге төгүп алган учурда кийимди чечүү жана теринин таасирге дуушар болгон бөлүгүн таза суу менен кылдат жуу талап кылынат. Мындай өзгөчө кырдаалдар учурлары үчүн өзү менен бирге котоpуу үчүн кийимдерди алып жүрүү сунуш кылынат. Кийимди андан ары колдонууда калдыктарды иштетүү эрежелерине ылайык иш жүргүзүлөт.

4.9.7. Коргоочу кийимдер жана кол каптар зыяндуу жана коркунучтуу химиялык заттар менен булганганда алар менен коркунучтуу калдыктарды иштетүү эрежелерине ылайык иш жүргүзүлөт.

4.9.8. Колдонула турган коргоочу жабдуулардын нускамасы менен таанышып чыгуу зарыл, жана анын коргоочу касиеттерине ынануу керек.

4.9.9. Таза суунун камдоосу жана колду тазалоо үчүн кургак каражат болушу керек. Сынам алынгандан кийин колду токтоосуз жууш керек (адегенде кол капты чечпей туруп).

4.9.10. Топ аптечка жана байланыш каражаттары менен камсыз болууга тийиш. Тоолуу-техникалык татаал шарттарда – сактоочу системалар менен (аркан, обвязка, карабиндер ж.б.).

4.9.11. Бузулган жабдууну жана курамында зыяндуу, коркунучтуу химиялык заттарды камтыган калдыктарды иштетүү менен байланышкан иштерди жүргүзүүдө сызылып чыгуу байкалганда техникалык нормативдик укуктук актыларга ылайык жеке коргоочу каражаттарды пайдалануу зарыл.

4.9.12. Тыюу салынат:

1) Сынамды ооз менен соруп чыгарууга;
2) Сынамды алып жаткан учурда колдорду оозго жана көздөргө тийгизүүгө;
3) Сынамдарды алуу же өлчөөлөрдү жүргүзүү убагында чылым чегүүгө жана ачык от колдонууга;
4) Реакция жүрүп кетиши мүмкүн болгон же реакциясына карата аныксыздык бар заттарды аралаштырууга.

## 5. Суунун сынамын алуунун эрежелери

### 5.1. Сынамды алуунун милдеттери

5.1.1. Алынган сынам ушул учурга же белгилүү бир убакыт аралыгына карата изилденүүчү суу объектисинин химиялык курамынын негизги көрсөткүчтөрүн мүмкүн болушунча толугураак көрсөтүүгө тийиш. Сынамдарды топтоо, консервациялоо жана сактоо ыкмалары алынган сынам менен анын анализинин ортосундагы убакыт аралыгында химиялык курамынын өзгөрүлбөстүгүнө кепилдик берүүгө тийиш.

5.1.2. Сынамдарды алуу программасы (изилдөөнүн милдеттери, алынган жер, алынган сынамдын түрү, анын узактыгы, мезгилдүүлүгү, алуу үчүн жабдуу, сынамдарды сактоого даярдоо, лабораторияга чейин ташып алып келүү) изилденип жаткан объектиге жараша алдыга коюлган милдеттер менен аныкталат жана ГОСТ 51592-2000, НВН 33-5.3.01-85, ГОСТ 17.1.5.05-85, ГОСТ 17.1.3.08-82 мамлекеттик стандартында белгиленген талаптарга ылайык келүүгө тийиш.

5.1.3. Суу объектилерин изилдөөнүн төмөнкүдөй негизги милдеттерин бөлүп көрсөтүшөт:

1) кыска убактылуу мүнөздөгү өзгөрүүлөр байкалганда түзөтүүчү чараларды көрүү үчүн суунун сапатын изилдөө;
2) изилдөөлөр программаларын белгилөө үчүн же узак мөөнөттүү мүнөздөгү өзгөрүүлөр байкалганда суунун сапатын изилдөө;
3) 1-тиркемеде келтирилген стандарттарда жана нормативдерде регламенттелген көрсөткүчтөр боюнча суунун курамын жана касиеттерин аныктоо;
4) суу объектисинин булгануу булактарын идентификациялоо.

## 5.2. Сынам алынуучу жер

5.2.1. Сынам алынуучу жер суу объектисин изилдөөнүн милдеттерине, тибине, суу объектисинин потенциалдык булгоо булактарынын жайгашуусуна жана анын техникалык өзгөчөлүктөрүнө жараша тандалып алынат.

5.2.2. Агынды суулардын сынамын тирөөчтүн аракет кылуу зонасынан тышкары суу бургуч түзүлүштөрдүн түз сызыктуу тилкелеринде жакшы аралашкан турбуленттик агымдарынан алуу керек.

5.2.3. Айлана-чөйрөгө түшкөн агынды суулардын сынамы агынды суулардын саркындылары чыккан жерге чейин алынат.

5.2.4 Жер үстүндөгү суулардын сынамын алуу төмөнкүдөй жүргүзүлөт:

1) суу объектисинин потенциалдык булгоо булагынын жайгашкан жеринен жогору (агым боюнча) изилденип жаткан аймакта аралыгы 200 м-ден 500 м чейин;
2) суу объектисинин потенциалдык булгоо булагынын жайгашкан жерине түздөн-түз жакын жерден;
3) суу объектисинин башка бардык мүмкүн болгон булгоо булактарынын жайгашкан жеринен төмөн (агым боюнча) аралыгы 200 м-ден 500 м чейин ;
4) зарыл болгондо шурфтардан.

## 5.3. Сынамдардын түрлөрү

5.3.1. Алынган сынамдын түрү изилдөөнүн максаты жана суу агымынын тиби менен аныкталат. Сынамдар бир жерден алынган жана курамдык болуп бөлүнүшөт.

5.3.2. Бир жерден алынган сынам ошол убакыт бирдигинде ошол жердеги суунун курамын мүнөздөйт, курамдык нормативдерине (ЖБЧК) карата суунун сапатын баалайт. Аны суунун талап кылынган өлчөмүндө бир гана жолу алышат.

5.3.3. Курамдык сынам белгилүү бир убакыт аралыгында белгилүү бир көлөмдөгү суунун орточо курамын мүнөздөйт. Аны бир убакытта ар кайсы жерлерден алынган (көлөмү боюнча орто эсеп менен) же белгилүү бир убакыт аралыгында бир эле жерден алынган (убакыт боюнча орто эсеп менен) точкалык (бир жерден алынган) сынамдарды аралаштыруу менен алышат. Курамдык сынамдарды колдонуу менен алуу суунун курамы жөнүндө орто эсеп менен алынган маалыматтарды алуу зарылдыгы болгон учурда пайдаланылат.

5.3.4. Массалык анализдерди жүргүзүүдө орточо сменалык, орточо суткалык жана орточо пропорционалдуу курамдык сынамдарды ажыратышат. Орточо сменалык же орточо суткалык сынам бирдей убакыт аралыктарында алынган көлөмү боюнча бирдей сынамдарды аралаштыруу менен даярдалат. Орточо

пропорционалдуу сынам бирдей убакыт аралыктарында алынган, сарпталган көлөмүнө пропорциялуу суунун көлөмүн аралаштыруу менен даярдалат.

5.3.5. Атмосфералык аба менен контакт болгондо же кыска убакыт аралыгында (pH, эриген газдар) курамы өзгөрүп кеткен заттарды аныктоо үчүн арналган сынамдар, ошондой эле мунай продуктыларынын, майлардын ж.б. сынамдары орто эсеп менен алууга жатпайт.

5.3.6. Сынамдардын түрлөрү коюлган милдеттерге жооп берүүгө тийиш жана төмөнкү таблицага туура келиши керек:

| Изилдөөлөрдүн алдыга койгон милдети | Сынамдардын түрлөрү |
|---|---|
| Убакыт ичинде суунун курамынын өзгөрүүлөрүн же булгоочу заттардын кесилиш же көлөм боюнча бөлүштүрүлүшүн изилдөө | Бир жерден алынган гана сынамдар |
| Суунун курамын изилдөө | Курамдык сынамдар (агымда – убакыт боюнча, идиштерде –көлөмү боюнча). |
| Концентрация түрүндө белгиленген нормативдердин сакталышын контролдоо | Бир жерден алынган сынамдар |
| Саркындылардын масса бирдигинде (мисалы, г/саат) белгиленген нормативдердин сакталышын контролдоо | бир сааттын ичинде орто эсеп менен алынган сынам |
| Белгилүү бир мезгил аралыгында орточо концентрацияны же массаны изилдөө(смена, суткалар) | орто эсеп менен алынган орточо сменалык же орточо суткалык сынам |
| жыл ичинде орточо алынган нормативди контролдоо | же алгылыктуу мезгил үчүн курамдык, же кийинки жыйынтыктары орто эсеп менен алынган бир жерден алынган сынамдар |

Таблицага ылайык, убакыт ичинде суунун курамынын өзгөрүүлөрүн же булгоочу заттардын кесилиш же көлөм боюнча бөлүштүрүлүшүн изилдөөдө бир жерден (точкалык) алынуучу сынамдар тандалат. Суунун курамын изилдөөдө курамдык сынамдар алынышы мүмкүн (агымда - убакыт боюнча, идиште – көлөм боюнча).

Концентрация түрүндө белгиленген нормативдердин сакталышын контролдоо максаты үчүн бир жерден алынган сынамдар тандалат. Саркындылардын масса бирдигинде норматив белгиленген учурда (мисалы, г/саатта) бир сааттын ичинде орто эсеп менен алынган сынам тандалат.

Эгер норматив белгилүү бир мезгил аралыгындагы (смена, суткалар) орточо концентрация же масса түрүндө белгиленсе, тийиштүү түрдө орто эсеп менен алынган орточо сменалык же орточо суткалык сынам алынат.

Жыл ичинде орточо алынган нормативди белгилөөдө же алгылыктуу мезгил үчүн курамдык, же кийинки жыйынтыктары орто эсеп менен алынган бир жерден алынган сынамдар тандалат.

Бардык учурларда аралаш сынамды топтоо мезгилинде курамы жана касиеттери өзгөрүлбөй турган шарттарды камсыз кылуу зарыл.

## 5.4. Сынамдарды алуунун мезгилдүүлүгү жана узактыгы

5.4.1. Сынамдарды алуунун мезгилдүүлүгү изилдөөлөрдүн максатынан, суу объектисинин түрүнөн жана сууну потенциалдуу булгоочу объекттердин жайгашуусунан аныкталат.

5.4.2. Сынамдарды алуунун узактыгы суу объектисинин сарптоо, суунун курамын аныктоо режими жана изилдөөлөрдүн максаты эске алынуу менен аныкталууга тийиш (ГОСТ 51592-2000, НВН 33-5.3.01-85, ГОСТ 17.1.5.05-85, ГОСТ 17.1.3.08-82.).

5.4.3. Сынамдарды алуунун белгиленген мезгилдүүлүгү алынган маалыматтар эске алынуу менен кайра каралышы мүмкүн. Тазалоочу курулмаларды ишке киргизүү жана оңдоо, топтогучтарды бошотуу, кырсыктуу кырдаалдар ж.б. ушул сыяктуу өзгөчө шарттар жаралып калган учурларда сынамдын мезгилдүүлүгүн көбөйтүү зарыл.

5.4.4. Шалакылыктын айынан же анализдин колдонулуучу методдорунан улам пайда болгон айлана-чөйрөдөгү өзгөрүүлөрдү жана лабораториянын ишиндеги четтөөлөрдү тастыктоо үчүн сынам-жупнускалар алынышы мүмкүн. Сынам-жупнуска биринчи сынам менен бир убакта ошол эле жерден алынган экинчи сынамды түшүндүрөт, жана айлана-чөйрөнүн абалынын бир участогун мүнөздөйт.

5.4.5. Өз алдынча сынам катары, жеке идентификациялык номери менен сынам-жупнускалар эки же андан көп лабораторияга жарыш жөнөтүлүшү мүмкүн, же лабораториялык аналитикалык катаны аныктоо үчүн бир лабораторияга жөнөтүлөт.

5.4.6. Көп өлчөмдөгү сынам алынган суу объектисин изилдөөдө ар бир он сынамга бирден сынам-жупнуска алуу сунушталат; сынамдарды алуунун узактыгы (биринчиси менен акыркысынын ортосу) 8 сааттан ашканда сынам-жупнускалардын саны экиден кем болбоого тийиш.

5.4.7. Кошулмалардын ЖБЧКлары ГН 2.1.5.1316-03көрсөтүлгөн.

### 5.5. Сынамдарды алуу үчүн жабдуу

5.5.1. Суунун сынамын алуу үчүн сынам алгычтарды колдонуу керек, алар изилденип жаткан суунун химиялык курамынын сакталышын камсыз кылат жана сынамдарды алууда кокустук элементтеринин болбошуна кепилдик берет.

5.5.2. Өзгөрүүлөргө жеңил дуушар болуучу, мисалы, курамында эриген газдар, темирдин чала кычкылы ж.б. бар элементтердин сынамын алуу процессинде сынамык сууну аба менен аралаштыруудан оолак болуу зарыл. Бул учурда капкагы бар бутылды колдонуу керек. Капкак резина тыгынды түшүндүрөт, ага эки айнек түтүкчө орнотулган: анын бирөөсүнүн учу бутылдын түбүнө барат, ал эми экинчиси тыгында турат. Идишти толтуруу бутылдын көлөмүнөн үч эселүү көлөмгө барабар куюштуруу менен биринчи түтүкчө аркылуу жүргүзүлөт.

5.5.3. Сынамдар үчүн сынам алгыч түзүлүштүн тиби жана идиштер суу объектисинин сарптоо режими эске алынуу менен тандалып алынат, ал суунун курамы жана изилдөөнүн максаты жана ГОСТ 17.1.5.04-81 мамлекеттик стандартында келтирилген жалпы талаптар менен аныкталат.

5.5.4. Сынам алгыч идиштер катарында изилденип жаткан сууга химиялык жактан туруктуу болгон, пландаштырылган компоненттердин бардыгын аныктоону камсыз кыла турган көлөмдөгү айнек, фарфор жана пластмасса идиштерди колдонуу керек.

5.5.5. Сынамдарды сактоо үчүн кыналган же тыгыз буралып бекиле турган капкактары бар айнектен же пластмассадан жасалган идиштерди колдонуу керек. Эгер изилденип жаткан сынамдын курамында сымап, озон, органикалык заттар жок болсо жана кычкылтектин биологиялык керектөөлөрүн (КБК), кычкылтектин химиялык керектөөлөрүн (КХК) жана туруктуу органикалык булгоочуларды (ТОБ) аныктоо талап кылынбаса, анда кабык же резина тыгындарды колдонууга жол берилет.

5.5.6. Изилдөөлөрдө колдонулуучу идиштер таза болууга жана жугушсуздандырылууга тийиш.

5.5.7. Сынамдарды алууда жана сактоодо колдонулуучу идиштер сынамдын идентификациялык номеринин так аныкталышын камсыз кылуучу ыкма менен маркировкаланууга тийиш.

5.5.8. Сынам алынгандан кийин сактоо үчүн идиштеги маркировка туура экендигине, сынамдын номери техникалык документациядагы номерге дал келерине ынануу керек.

**5.6. Сынамдарды алуунун техникасы**

5.6.1. Сынамдын булгануу тобокелдигин азайтуу үчүн тальк колдонбостон нитриль же латекс кол каптарды колдонуу менен сынамдарды алууну жүргүзүү керек. Ар бир сынам үчүн башка жаңы жуп кол каптар колдонулат. Сынам алынгандан кийин кол каптарды чечип, аларды экинчи колдонуудан сынам булганбаш үчүн, колдонулган кол каптар үчүн пакетке салуу керек.

5.6.2. Толтурулууга тийиш болгон идиштин оозун ачып, оозун суунун агымына каршы багыттап (жогору жана эки жакка), идишти жаткырып сууга чөмүлтүү (~ 15 см тереңдикке) керек. Идишке алынып жаткан сууга кол кап кийип дагы колду (же жылаңач кол менен) тийгизбөө керек.

5.6.3. Кыш мезгилинде суу тоңуп кала турган учур үчүн аба мейкиндиги калтырылып (тоңбой турган киргилт курамдан жана жалпы суспендирленген катуу заттардан башка), сынам алынып жаткан идиштин бардыгы бөтөлкөнүн ийининен ылдыйраак (~ көлөмдүн 80%) толтурулушу керек,

Аба калтырылбай толтурулган идиштер эч бир тоңдурулбоого тийиш (мунай көмүр суутектери, кычкылтектеги биохимиялык керектөөлөр, учуп кетүүчү органикалык бирикмелер, жегич касиеттер жана беттик-активдүү заттар).

5.6.4. Идишти толтурардын алдында сынамдарды консервациялоо, сактоо жана ташуу үчүн талаптар текшерилүүсү зарыл (п.5.7).

5.6.5. Уулуу, канцерогендик заттар авария болгон жерде сынамдарды алууда

сынамдарды алуу процессине мындан ары коркунучтуу калдыктар менен иш жүргүзүү процесси катары мамиле кылынат. Сынамдардын өзү коштоочу документтерде белгиленүүгө жана коркунучтуу калдыктар катары ташылып алынып келүүгө тийиш.

5.6.6. Сынам алынуучу жердин координаттары GPS куралын - глобалдык позиционирлөө ситемасын пайдалануу менен аныкталууга жана жазылууга тийиш. Сынам алынуучу жерлердин картасын даярдоодо картада колдонулган координаттар системасына, координаттары жазылган куралдардын катачылыгы жана четтөөсү эске алынууга тийиш. Сынам алынуучу жердин орду визуалдык ориентир менен – айлана-чөйрөнүн булгануусун четке каккан мамычалар, желекчелер же боектор менен да белгилениши мүмкүн.

5.6.7. Ар бир сынам боюнча изилдөөлөрдүн техникалык документациясына төмөнкүлөрдү көрсөтүүчү маалымат киргизилет:

1) идиштин идентификациялык номери:
2) суу объектисинин аталышы;
3) суу объектисиндеги сынам алынуучу жердин орду;
4) сынамды алуу убагы жана датасы;
5) сынамды алуу ыкмасы жана колдонула турган аспаптар (сынам алгычтын тиби, жабдыктар);
6) сынам кайсы аныкталган компоненттерге карата жүргүзүлгөн;
7) сынамдын түрлөрү (бир жерден алынган, курамдык);

8) сынамды алуунун узактыгы;

9) сынамды консервациялоо жана анын сакталышын камсыздоо тууралуу маалыматтар;

10) сынамды алуучу адамдын(-дардын) кызматтары, фамилиялары жана койгон колдору;

11) сынамдарды алууда жана аларды даярдоодо катышкан адамдардын кызматтары, фамилиялары жана койгон колдору.

## 5.7. Сынамдарды сактоо, консервациялоо жана ташуу

5.7.1. Алынган сынамдын сакталуу мөөнөтүн узартуу үчүн изилдөөнүн максаттарына жана аныкталуучу көрсөткүчтөргө жараша консервациялоону, муздатууну, чыпкалоону аткарышат.

5.7.2. Эгер сынамдагы аныкталган зат тигил же бул ыкма менен консервацияланбай турган болсо, анда мындай сынамдарды бөлөк идиштерге салып, аныкталган көрсөткүчтүн ар бири үчүн тийиштүү түрдөгү консервацияны жүргүзүшөт.

5.7.3. Суунун сынамдарын ташуу сынамдардын сакталышын жана алардын тез жеткирилишин камсыз кылуучу уруксат берилген транспорттун кайсы түрү менен болбосун жүргүзүлөт.

5.7.4. Алынган сынамдарды лабораторияга чейин ташып алып келүү термоконтейнерлерди колдонуу менен жүзөгө ашырылат жана сынамдар өтө ысып же өтө муздап кетпегендей жол менен уюштурулууга тийиш. Термоконтейнердин ичи + 3° С тан +4° С чейинки деңгээлде кармалып турушу абзел.

5.7.5. Сынамдарды ташып бара жатканда бардык идиштердин капкактары тыгыз буралганына ынануу зарыл. Сынам салынган айнек идиштерди сынып калуудан же сынамдардын агып калышынан сактоо максатында кездеме менен орогула же арасына поролон салгыла. Таңгак сынамдын курамына таасир этпегендей жана аныкталуучу көрсөткүчтөрдүн жоголушуна алып келбегендей кылып таңгакталышы керек.

5.7.6. Сынамдарды ташуу лабораториялык анализдерди жүргүзгөнгө чейин сынамдын курамында өзгөрүүлөрдүн болушуна жол бербөөгө мүмкүндүк берүүчү мөөнөттөрдө жүзөгө ашырылат.

5.7.7. Консерванттарды кармап туруу үчүн жана консервациялоо талап кылынуучу өзгөчө параметрлер суу көзөмөлүнүн НВН 33-5.3.01-85. нормативдеринде баяндалат.

## 5.8. Сынамдарды алуудагы коопсуздук техникасы

5.8.1. Суунун сынамдарын алууга жашы 18 ден өткөн, коопсуздук техникасы боюнча инструктаждан жана тиешелүү түрдөгү ишмердүүлүктү жүргүзүүгө аттестациядан өткөн адамдарга уруксат берилет;

5.8.2. Агыны катуу өзөндөр же көлөмү чоң идиштер (тундургучтар, топтогучтар) сыяктуу суу объектилеринен сынамдарды алууда куткаруучу жилеттерди кийүү жана сактоочу аркандарды колдонуу зарыл.
5.8.3. Жер үстүндөгү булактардан сынамдарды алууда өзөндүн жээгиндеги коопсуз тилкеде тикесинен туруп же суунун агымынын ортосуна чейин кечип өтүп сынамды алуу керек, тоскоолдуктардын таасирин максималдуу азайтуу менен, эгер муну коопсуз ыкма менен жасоого мүмкүн болсо.
5.8.4. Сынамды алууда атайын кийимди колдонуу керек: жүрүшкө чыкканда кийүүчү геологиялык ботинка же резина өтүк, сазда кийүүчү өтүк (эгер шыйрактын деңгээлинен жогору сууга кирүү күтүлсө), кол каптар.
5.8.5. Иштин тартиби, ордун тандоо жана жабдыктарды иштетүү кооптуулук минимумга чейин азайтылгандай болуп пландаштырылат.
5.8.6. Сынамды алуу, аларды даярдоо жана лабораторияга чейин жеткирүү, коопсуздук техникасы үчүн топтун жетекчиси жоопкерчиликте болот.
5.8.7. Ушул Методиканын талаптарынын бардыгын сактоо.

## 6. Абанын сынамдарын алуунун же өлчөөлөрдү жүргүзүүнүн эрежелери

### 6.1. Сынамдарды алуунун же өлчөөлөрдү жүргүзүүнүн милдеттери

6.1.1. Алынган сынам ушул учурга же белгилүү бир убакыт аралыгына карата изилденүүчү аймактагы абанын булганышынын негизги көрсөткүчтөрүн мүмкүн болушунча толугураак көрсөтүүгө тийиш. Сынамдарды топтоо, консервациялоо жана сактоо ыкмалары алынган сынам менен анын анализинин ортосундагы убакыт аралыгында курамынын өзгөрүлбөстүгүнө кепилдик берүүгө тийиш.

6.1.2. . Сынамдарды алуу же өлчөөлөрдү жүргүзүү программасы (алынган жер, анын узактыгы, мезгилдүүлүгү, алуу же өлчөөлөрдү жүргүзүү ыкмалары, иштетүүлөр жана даярдыктар, контролдонуучу параметрлердин тизмеги) алдыга коюлган милдеттер менен аныкталат

6.1.3. Атмосфералык абанын сынамдарын алуунун же өлчөөлөрүн жүргүзүүнүн төмөнкүдөй негизги милдеттерин бөлүп көрсөтүшөт:

1) булгануунун деңгээлине байкоо жүргүзүү,
2) чарбачылык иштин жана метеорологиялык шарттардын таасиринин астында булгануунун жана анын өзгөрүүлөрүнүн деңгээлин баалоо;
3) узак мезгил үчүн абанын сапатынын күтүлүүчү өзгөрүүлөрүнүн божомолу.

### 6.2. Сынамдарды алуунун же өлчөөлөрдү жүргүзүүнүн орду

6.2.1. Атмосферанын булгануусунун абалына жүргүзүлгөн байкоолордун репрезентативдүүлүгү изилденип жаткан аймактагы посттун туура жайгашуусуна көз каранды. Постту жайгаштыруу үчүн жерди тандоодо (абанын сынамын ала турган жер), баарыдан мурда, кандай маалыматты алуу күтүлүп жатканын аныктап алуу керек: ушул район үчүн мүнөздүү болгон абанын булганышынын деңгээли, же айрым өнөр жай ишканаларынын, ири автомагистралдын чыгындыларынын таасиринин алдында калган конкреттүү жердеги кошулмалардын концентрациясы.

6.2.2. Пост өзүнчө турган чыгындылардын булактарынын таасирине тушукпагандай жердеги участокко жайгаштылууга тийиш. Абанын кыйла аралашуусунун натыйжасында пост жайгашкан райондогу булгануунун деңгээли изилденип жаткан аймакта жайгашкан чыгындылардын бардык булактары менен аныкталат. Экинчи учурда болсо пост каралып жаткан булактын чыгындылары менен байланышкан кошулмалардын максималдуу концентрациясы бар зонада жана инфраструктуранын (мектептердин, сейил бактардын), калк жашаган пункттардын, ошондой эле адамдар көп чогулган жерлердин шарттарында жайгашат.

6.2.3. Атмосфералык абага чыгарылган булгоочу заттардын чыгындыларынын сынамдарын алуу же өлчөөлөрүн жүргүзүү үчүн үч категориядагы байкоо жүргүзүү посттору орнотулат: стационардык, маршруттук, көчмө (факель астындагы).

6.2.4. Ар бир пост категориясына карабастан ачык, бардык тарабынан жел согуп турган, асфальт, катуу жер, газон төшөлгөн чаңдабаган аянтчада жайгаштырылат. Эгер пост жабык участокто (бийик имараттын жанында, тар көчөдө, бактын далдасына же чыгындылардын төмөнкү булагына жакын жерде) жайгаштырылса, анда конкреттүү жерде түзүлгөн булгануунун деңгээлин мүнөздөйт, жана булгануунун чыныгы деңгээли калың бактын газдарды сиңирип алуусунан улам төмөндөйт, же курулуштарга жакын жерлерде абанын туруп калышынан жана зыяндуу заттардын топтолушунан улам жогорулайт.

6.2.5. Маршруттук пост абанын сынамын такай алуу же өлчөөлөрдү жүргүзүү үчүн арналган, ал стационардык постту орнотуу мүмкүн болбогондо (максатка ылайыксыз болгондо) же айрым райондордо абанын булганышынын абалын майда-чүйдөсүнө чейин изилдөө зарыл болгондо орнотулат.

6.2.6. Көчмө (факель астындагы) пост өнөр жай чыгындыларынын ошол булагынын таасир этүү зоналарын билүү максатында түтөмө (газдык) факелдин астында сынамдарды алуу же өлчөөлөрдү жүргүзүү үчүн арналган.

Стационардык посттор атайын павильондор менен жабдылган, алар күн мурун тандалып алынган жерлерге орнотулат. Маршруттук посттогу байкоо жүргүзүүлөр көчмө лабораториянын жардамы менен жүргүзүлөт, ал керектүү жабдыктар жана куралдар менен жабдылган. Маршруттук посттор дагы күн мурун тандалып алынган точкаларда орнотулат. Бир машина бир иш күнүндө 4-5 точканы кыдырып келет. Туруктуу мөөнөттөрдөгү кошулмалардын концентрациясын аныктоо үчүн, машина менен тандалып алынган маршруттук постторду кыдыруунун тартиби бирдей эле. Факель астындагы ишканага байкоо жүргүзүү дагы сынамдарды алуу же өлчөөлөрдү жүргүзүү үчүн керектүү жабдыктар менен толук комплекттелген автомашинанын жардамы менен жүргүзүлөт. Факель астындагы посттор булактан бери белгиленген аралыктарда жайгашкан точкаларды билдирет. Алар изилденип жаткан чыгындылардын булактарынын факелинин багытына жараша которуштурулуп турат.

6.2.7. Факелдер астындагы байкоо жүргүзүүлөрдө сынамдарды алуунун жана өлчөөлөрдү жүргүзүүнүн ордун санитардык-коргоо зонасынын чегинен жана конкреттүү булгоо булагынын шамалдап турган жагынан бери 0,5; 1; 2; 3, ..., 10 км аралыктарда жайгашкан кошулмалардын күтүлүүчү эң көп концентрацияларын эсепке алуу менен тандап алышат. Санитардык-коргоо зонасынан тыш жерлерде байкоо жүргүзүүчү жерлердин жалпы саны булактын кубаттуулугу жана өлчөөлөрдү жүргүзүүнүн техникалык мүмкүндүгү эске алынуу менен белгиленет.

### 6.3. Сынамдардын же өлчөөлөрдү жүргүзүүнүн түрлөрү

6.3.1. Алына турган сынамдын түрү жана мөөнөттөрү изилдөөнүн максаттары жана аныкталуучу көрсөткүчтөрү менен аныкталат. Бир жерден алынган, курамдык жана суткалык сынамды ажыратышат.
6.3.2. Бир жерден алынган сынам, алуу 20 - 30 мин созулат.
6.3.3. Курамдык сынам, мында бир сиңирип алуучу куралга же чыпкага сутка ичинде бирдей убакыт аралыгында бир нече (3төн 8 ге чейин) бир жерден алынган сынамдарды чогултушат.
6.3.4. Суткалык сынам, мында бир сиңирип алуучу куралга же чыпкага сутка ичинде үзгүлтүксүз алынган сынам.

### 6.4. Сынамдарды алуунун же өлчөөлөрдү жүргүзүүнүн мезгилдүүлүгү жана узактыгы

6.4.1. Сынамдарды алуунун мезгилдүүлүгү жана узактыгы изилденүүчү объекттин иштөө режими жана /же анын булгануунун аныкталып жаткан компонентинин потенциалдык таасири жана изилдөөнүн максаты эсепке алынуу менен белгиленүүгө тийиш (РД 52.04.186-89, ГОСТ Р 50820-95, ГОСТ 17.2.4.06-90).
6.4.2. Сынамдарды алуунун же өлчөөлөрдү жүргүзүүнүн белгиленген мезгилдүүлүгү алынган маалыматтар эске алынуу менен кайра каралышы мүмкүн. Тазалоочу курулмаларды ишке киргизүү жана оңдоо, кырсыктуу кырдаалдар ж.б. сыяктуу өзгөчө шарттар жаралган убактарда сынамдын мезгилдүүлүгүн көбөйтүү зарыл.
6.4.3. Толук программа боюнча байкоо жүргүзүү автоматтык түзүлүштөрдүн жардамы менен үзгүлтүксүз каттоо жолу менен же дискреттик жол менен бирдей убакыт аралыгында 4 жолудан кем эмес жергиликтүү убакыт боюнча саат 1, 7, 13, 19 да сөзсүз түрдө алынуу менен аткарылат.
6.4.4. Толук эмес программа боюнча байкоо жүргүзүү жергиликтүү декреттик убакыт боюнча күн сайын саат 7, 13, 19да бир эле жолку концентрациялар жөнүндө маалыматтарды алуу максатында жүргүзүлөт.
6.4.5. Кыскартылган программа боюнча байкоо жүргүзүү жергиликтүү декреттик убакыт боюнча күн сайын саат 7де, 13тө бир эле жолку концентрациялар гана жөнүндө маалыматтарды алуу максатында жүргүзүлөт. Кыскартылган программа боюнча байкоо жүргүзүүгө абанын минус 45°Стан төмөн температурасында жана айлык орточо концентрациялар максималдык бир жолку ЖБЧКнын 1/20 төмөн болгон же колдонулган метод менен өлчөнгөн кошулмалардын концентрациясынын өлчөөлөрүнүн диапазонунун төмөнкү чегинен аз болгон жерлерде жүргүзүүгө уруксат берилет.
6.4.6. Сынамдарды алуунун же өлчөөлөрдү жүргүзүүнүн суткалык программасы орточо суткалык концентрация жөнүндө маалыматты алуу үчүн арналган. Толук программанын байкоо жүргүзүүлөрүнөн айырмаланып бул программа боюнча байкоо жүргүзүүлөр үзгүлтүксүз суткалык сынамдарды алуу жолу менен жүргүзүлөт жана өлчөөлөрдү жүргүзүүлөрдөн

тышкары, концентрациянын бир жерден алынган маанилерин алууга өбөлгө түзөт. Байкоо жүргүзүүлөрдүн бардык программалары орточо айлык, орточо жылдык жана узагыраак мезгил үчүн орточо концентрацияны алууга мүмкүндүк түзөт.

6.4.7. Факель астындагы байкоо жүргүзүүлөрдө абанын сынамын алуу жана өлчөөлөрүн жүргүзүү чыгындылардын режиминин өзгөчөлүктөрү жана кошулмалардын чачылышына таасир этүүчү метеорологиялык шарттар менен байланышкан кошулмалардын көбүрөөк концентрациясын табуу мөөнөттөрүндө жүзөгө ашырылууга тийиш.

6.4.8. Булгоочу заттардын сынамдарын алуунун же өлчөөлөрүн жүргүзүүнүн узактыгы бир жерден алынган концентрацияларды аныктоодо 20-30 мин түзөт.

6.4.9. Булгоочу заттардын сынамдарын алуунун же өлчөөлөрүн жүргүзүүнүн узактыгы курамдык байкоо жүргүзүүлөрдө орточо суткалык концентрацияларды аныктоо үчүн 20-30 мин түзөт, үзгүлтүксүз алууда 24 саат.

6.4.10. ЖБЧК$_{мбж}$ (максималдык бир жолку жол берилүүчү чектик концентрация) сакталышы үчүн үзгүлтүксүз же ырааттуу алууда же аныкталуучу затты табуу чегине жеткен шарттарда иштөө зонасынын каалаган жеринде 15 мин ичинде өлчөөлөрдү жүргүзүүдө контролдук кылынат. Эгер анализдин методунун табуу чеги 15 мин ичинде бир эмес, бир нече абанын сынамын алууга мүмкүндүк берсе, анда көрсөтүлгөн убакыт ичинде алынган сынамдардын жыйынтыктарынын орточо маанисин аныктоо керек. Эгер ушул метод менен 15 мин ичинде 0,5 ЖБЧК$_{мбж}$ деңгээлинде затты табууга мүмкүн болбосо, анда сынамды алуунун узактыгын 30 мин чейин узартууга жол берилет.

6.4.11. Кошулмалардын максималдык бир жолку жана суткалык концентрациялары үчүн белгиленген айрым ЖБЧКлары РД 52.04.186-89, ГН 2.2.5.1313—03 көрсөтүлгөн.

## 6.5. Сынамдарды алуу же өлчөөлөрдү жүргүзүү үчүн техникалар жана түзүлүштөр

6.5.1. Атмосфералык абанын сынамын алуу абанын сынамын алууну жүргүзүү үчүн толук комплекттелген жабдуу жана/же зыяндуу кошулмалардын концентрацияларын үзгүлтүксүз аныктоо (өлчөөлөрдү жүргүзүү) үчүн автоматтык газоанализаторлор аркылуу жүзөгө ашырылат.

6.5.2. Толук комплекттелген жабдууларды колдонгон учурда сынамдарды алуу атмосфералык абанын белгилүү бир көлөмүн затты кармап калуу үчүн суюк жана катуу сорбент менен толтурулган сиңирип алуучу курал аркылуу аспирациялоо жолу менен же абанын курамындагы бөлүкчөлөрдү кармап калуучу аэрозолдук чыпка аркылуу жүзөгө ашырылат. Чоң көлөмдөгү абанын аныкталып жаткан кошулмасы анча чоң эмес көлөмдөгү сорбентте же чыпкада концентрацияланат. Абанын сарпталышы жана сиңирип алуучу курал аркылуу анын аспирациясынын узактыгы сыяктуу сынам алуунун параметрлери, сиңирип алуучу куралдын же чыпканын тиби ар кандай заттар

үчүн ар түрдүү болот жана аныкталып жаткан компонентке жараша белгиленет. Андан кийин атмосферадагы кошулмалардын концентрациясын аныктоо лабораториялык методдор менен жүргүзүлөт.

6.5.3. Автоматтык газоанализаторлор колдонулган учурда атмосферадагы кошулмалардын концентрациясынын аныкталышы лабораториялык анализди талап кылбайт, анткени зыяндуу кошулмалардын концентрациясы куралдын өзү аркылуу үзгүлтүксүз жана автоматтык түрдө аныкталат. Куралдын көрсөтмөсү байкоо жүргүзүүчү тарабынан документтештирилүүгө тийиш.

6.5.4. Атмосферадагы кошулмалардын жерге жакын концентрацияларын аныктоодо сынамдарды алуу жана өлчөөлөрдү жүргүзүү жер бетинен 1,5 дан 3,5 чейин бийиктикте жүргүзүлөт.

6.5.5. Сынамдарды алууну жүргүзүү же өлчөөлөрдү жүргүзүү менен бир убакта эле шамалдын ылдамдыгы жана багыты, абанын температурасы, атмосфералык басым үзгүлтүксүз өлчөнүп турат, аба ырайынын жана топурактын бетине төшөлмөнүн абалы жазылып турат.

6.5.6. Толук комплекттелген жабдуу колдонулган учурда сынам алынгандан кийин дароо эле чыпкалар чыгарылып алынат жана тиешелүү пакеттерге салынат; сиңирип алуучу куралдар тыгындар менен жабылат (азот оксиддерине жана аммиакка карата алынган сынамдар менен өзгөчө дыкат болуу керек) жана лабораторияга ташып алып кетүү үчүн контейнерге салынат. Күкүрттүн диоксидине, күкүрттүү көмүртек жана күкүрттүү суутекке карата алынган сынамдарды сынам алынып жатканда да, сактоодо да жана ташууда да жарыктын тийишинен сактоо керек. Абанын температурасы 25 °Стан жогору болгондо күкүрттүү көмүртекке жана күкүрт диоксидине карата алынган сынамдар алынгандан кийин дароо термоконтейнерлерге салынышы керек.

6.5.7. Сынамдарды алуунун же өлчөөлөрдү жүргүзүүнүн ыкмаларына жана каражаттарына, керектүү реактивдерге карата, ар бир булгоочу зат үчүн жекече болгон айкын талаптар булгоочу заттарды аныктоо методдоруна карата нормативдик-техникалык документтерде белгиленет.

Сынам алынган жердин координаттары GPS куралын – глобалдык позиционирлөө системасын колдонуу менен аныкталууга жана жазылып алынууга тийиш. Сынам алынуучу жерлердин картасын даярдоодо картада колдонулган координаттар системасына, координаттары жазылган куралдардын катачылыгы жана четтөөсү эске алынууга тийиш. Сынам алынуучу жердин орду визуалдык ориентир менен – айлана-чөйрөнүн булгануусуна жол бербеген мамычалар, желекчелер же боектор менен да белгилениши мүмкүн.

6.5.8. Ар бир сынам же өлчөө боюнча изилдөөнүн техникалык документациясына төмөнкүлөрдү көрсөткөн маалыматтар киргизилет:

6.5.9. По каждой пробе или измерению в технической документации исследования вносится информация, указывающая:

1) алынган сынамдын идентификациялык номери;
2) изилденүүчү объекттин аталышы;

3) сынам алынуучу жердин орду;
4) сынамды алуу убагы жана датасы;
5) сынамды алуунун ыкмасы (аспиратордун/газоанализатордун тиби, аба агымынын ылдамдыгы, сынамды алуунун узактыгы);
6) сынамдардын түрү (бир жерден алынган, курамдык, суткалык);
7) сынам кайсы аныкталган компоненттерге карата жүргүзүлгөн;
8) өлчөөлөрдүн натыйжалары (автоматтык газоанализаторду колдонуудагы);
9) сынамды алуучу адамдын(-дардын) кызматтары, фамилиялары жана койгон колдору;
10) сынамдарды алууда жана аларды даярдоодо катышкан адамдардын кызматтары, фамилиялары жана койгон колдору.

**6.6. Сынамдарды сактоо жана ташуу**

6.6.1. Алынган сынамдарды лабораторияга чейин ташып алып келүү термоконтейнерлерди колдонуу менен жүзөгө ашырылат жана сынамдар өтө ысып же өтө муздап кетпегендей жол менен уюштурулууга тийиш.
6.6.2. Сынамдарды сактоонун жана ташуунун өзгөчө шарттары булгоочу заттарды аныктоо методдоруна карата нормативдик-техникалык дкументтерде жана РД 52.04.186-89, ГОСТ Р 50820-95, ГОСТ 17.2.4.06-90 белгиленет.
6.6.3. Сынамдарды ташып бара жатканда бардык сынамдар салынган сиңирип алуучу куралдар тыгындар менен жабылганына ынануу зарыл (азот оксиддерине жана аммиакка карата алынган сынамдар менен өзгөчө дыкат болуу керек). Күкүрттүн диоксидине, күкүрттүү көмүртекке жана күкүрттүү суутекке карата сынамдарды сактоодо жана ташууда жарыктын тийишинен этият болуу керек. Сынам салынган айнек идиштерди сынып калуудан же сынамдардын агып калышынан сактоо максатында кездеме менен орогула же арасына поролон салгыла. Таңгак сынамдын курамына таасир этпегендей жана аныкталуучу көрсөткүчтөрдүн жоголушуна алып келбегендей кылып таңгакталышы керек.
6.6.4. Абанын сынамдарын ташуу сынамдардын сакталышын жана алардын тез жеткирилишин камсыз кылуучу уруксат берилген транспорттун кайсы түрү менен болбосун жүргүзүлөт.
6.6.5. Сынамдарды ташуу лабораториялык анализдерди жүргүзгөнгө чейин сынамдын курамында өзгөрүүлөрдүн болушуна жол бербөөгө мүмкүндүк берүүчү мөөнөттөрдө жүзөгө ашырылат.

## 6.7. Сынамдарды алуудагы же өлчөөлөрдү жүргүзүүдөгү коопсуздук техникасы

6.7.1. Абанын сынамдарын алууга же өлчөөлөрүн жүргүзүүгө жашы 18 ден өткөн, коопсуздук техникасы боюнча инструктаждан жана тиешелүү түрдөгү ишмердүүлүктү жүргүзүүгө аттестациядан өткөн адамдарга уруксат берилет;
6.7.2. Иштин тартиби, ордун тандоо жана жабдыктарды иштетүү кооптуулук минимумга чейин азайтылгандай болуп пландаштырылат.
6.7.3. Сынамдарды алуу же өлчөөлөрдү жүргүзүү, аларды даярдоо жана лабораторияга чейин жеткирүү үчүн, коопсуздук техникасы үчүн топтун жетекчиси жоопкерчиликте болот.
6.7.4. Ушул Методиканын бардык талаптарынын сакталышынын зарылдыгы.

## 7. Топурактын сынамын алуунун эрежелери

### 7.1. Сынам алуунун милдеттери

7.1.1. Табигый жана катмарлары бузулган топурактын сынамын алуу химиялык, бактериологиялык жана гельминтологиялык анализдөө максатында жүргүзүлөт.
7.1.2. Топуракты изилдөөнүн төмөнкүдөй негизги милдеттерин бөлүп көрсөтүшөт:

1) өнөр жайынын, айыл чарбасынын, чарбалык-тиричилик жана транспорттук булгоо булактарынын таасириндеги райондордогу топурактын жалпы жана локалдык булгануууларын контролдоо;
2) топурактын сапаттуу абалын баалоо;
3) аз түшүмдүү айдоо жерлерин семиртүү үчүн арналган, түшүмдү көп берүүчү катмардын абалын контролдоо.

7.1.3. Топурактын сынамын алуу ГОСТ 17.4.3.01-83 мамлекеттик стандартындагы топурактын сынамын алуу боюнча жалпы талаптарды камтыган эл аралык стандарттарга ылайык аткарылат.
7.1.4. Стандарт уюштурулбаган чыгындылардын, тазалоочу курулмалардын жырылып кетишинин натыйжасында жана башка кырсыктуу кырдаалдарда келип чыккан булгануулардын контролуна карата жайылтылбайт.

### 7.2. Сынамдарды алуунун орду

7.2.1. Сынамдарды алуу тик түзүлүштү, жер кыртышынын бир тектүү эместиги, жердин рельефи жана климаты, ошондой эле булгоочу заттардын же организмдердин өзгөчөлүктөрү эске алынуу менен жүргүзүлөт.
7.2.2. Сынамдарды алуу айлана-чөйрөнүн таасиринин астында анализдердин натыйжалары ката болушуна жол берилбегендей болуп түптөлгөн сынамдарды алуучу аянтчаларда жүргүзүлөт. Зарыл болгондо салыштырмалуу натыйжаларын алуу үчүн булганган жана булганбаган топурактын сынамдарын бирдей табигый шарттарда алышат.
7.2.3. Топурактын жалпы булганышында сынам алуучу аянтчаларды алардын номерин жана координаттарын көрсөтүү менен координаттык торчодо белгилешет. Болжол менен тегиз булганган изилденүүчү аймактагы сынам алуучу аянтчаларды аралыктары бирдей координаттык торчо боюнча белгилешет. Болжол менен текши эмес булганган изилденүүчү аймактагы сынам алынуучу аянтчаларды сызыктар арасындагы аралыктары бирдей эмес координаттык торчо боюнча белгилешет. Торчонун сызыктарынын арасындагы аралык потенциалдык булак менен шамалдын үстөмдүк кылуучу багытынын арасындагы аралыкты эсепке алуу менен белгиленет. Тегиз эмес рельефтүү тоолуу шарттарда эңкейишти жана көчүп кетүүчү жерди да эске алуу зарыл. Жана сынамдарды алуу коктудан болжолдонгон булгоолордун көчө турган жагын көздөй жүргүзүү керек.

7.2.4. Калк жашаган пункттардын же мал чарба комплекстеринин катуу же суюк калдыктарында камтылган патогендик организмдер жана вирустар менен топурактын булгануусунда сынам алуучу аянтчалар изилденүүчү аймак боюнча бул заттардын жайылышы эсепке алынуу менен координаттык торчого белгиленет.

7.2.5. Топурактын локалдык булгануусунда сынам алуучу аянтчаларды аныктап алуу үчүн булгоо булагынан дифференцирленген аралыкта жайгашкан борборлош айланалардын системасын колдонушат, мында айланалардын номери жана сынам алынган жердин азимуту көрсөтүлүшү керек. Булгоочу заттардын таралышынын негизги багытын сегмент түрүндө белгилешет, анын өлчөмү булгоонун таралышынын даражасынан көз каранды.

7.2.6. Сынамдарды жер кыртышынын горизонтторунун профили же катмарлары боюнча, ар бир учурда сынам ушул типтеги топурактын генетикалык горизонттору же катмарлары үчүн типтүү болгон топурактын бөлүгүн түшүндүргөндөй эсеп менен алынат.

7.2.7. Айыл чарбасынын жерлеринин топурактарынын патогендик организмдер жана вирустар менен булгануусун изилдөөдө сынамдар тереңдиги 0дөн 5 см чейин жана 5 тен 20 см чейин айдоо горизонтунан алышат.

7.2.8. Изилдөөлөрдүн максатына жараша сынам алуучу аянтчалардын өлчөмү, саны жана сынамдардын түрлөрү төмөнкү таблицага туура келүүгө тийиш:

| Изилдөөнүн максаты | Сынам алуучу аянтчанын өлчөмү, га | | Сынамдардын саны |
|---|---|---|---|
| | Бир тектүү жер кыртышы | Бир тектүү эмес жер кыртышы | |
| Топуракта кармалган химиялык заттарды аныктоо | 1 ден 5ке чейин | 0,5тен 1ге чейин | Бирден кем эмес курамдык сынамдан |
| Топурактын физикалык касиеттерин жана түзүмүн аныктоо | 1 ден 5ке чейин | 0,5тен 1ге чейин 1 | Бир жер кыртышынын горизонтуна карата 3төн 5ке чейин бир жерден алынган сынам |
| Кармалган патогендик организмдерди жана вирустарды аныктоо | 0,1ден 0,5ке чейин | 0,1 | Ар бири 3 төн бир жерден алынган сынамдан турган 10 курамдык сынам |

Горизонттун же катмардын катуулугу 40 см жогору болгондо ар кандай тереңдиктен өзүнчө 2ден кем эмес сынам алынат. Курамдык сынамдын салмагы 1 кгдан кем эмес болууга тийиш.

Патогендик организмдерди жана вирустарды табуу үчүн алынган сынамдар  экинчи жолку контаминацияга жол бербей турган асептика эрежелеринин сакталышы менен алынышы керек.

## 7.3. Сынамдардын түрлөрү

7.3.1. Бир жерден алынган сынам – ушул горизонт же катмар үчүн типтүү болгон, горизонттун  бир жеринен же топурак профилинин бир катмарынан алынган материал.
7.3.2. Курамдык сынам – экиден кем эмес бир жерден алынган сынамдардын аралашмасы.
7.3.3. Топурактын фондук сынамдары болгон булгоолордон алыс жайгашкан райондордо жана базалык деңгээлди жана табигый шарттарды түшүндүргөн райондордо жайгаштырылууга тийиш. Топурактын фондук сынамдарынын алынышы белгилүү бир фондук зонанын ичинин өзгөргүчтүгү өлчөнө тургандай болуп жүргүзүлүүгө тийиш. Бул бир нече участок тандалып алынууга тийиш жана алардын сынамын көрүү керек дегенди билдирет.

## 7.4. Сынамдарды алуунун мезгилдүүлүгү

7.4.1. Сынамдарды алуунун мезгилдүүлүгү изилдөөлөрдүн максаты, объекттин аймагы жана потенциалдык булгоо булактарынын жайгашуусу менен аныкталат.
7.4.2. Химиялык, бактериологиялык жана гельминтологиялык анализдер үчүн сынамдарды алуу жылына 1 жолудан кем эмес жүргүзүлөт. Оор металлдар менен булганууну контролдоо үчүн сынамдарды алуу 3 жылда 1 жолудан кем эмес жүргүзүлөт. Сынамдарды алуунун белгиленген мезгилдүүлүгү алынган маалыматтар эске алынуу менен кайра каралышы мүмкүн.
7.4.3. Топурактын булгануусунун динамикасын изилдөөдө сынамдардын алынышы бир жылдын ичинде ар бир сезондо жүргүзүлөт.
7.4.4. Өзүнөн-өзү тазалануунун динамикасын изилдөөдө сынамдарды алуу биринчи айдын ичинде жума сайын, андан кийин вегетациялык мезгилдин ичинде ар ай сайын өзүнөн-өзү тазалануунун активдүү фазасы бүткөнгө чейин жүргүзүлөт.
7.4.5. Айлана-чөйрөдөгү өзгөрүүлөрдү тастыктоо үчүн жана шалакылыктан же анализ үчүн колдонулган методдордон улам лабораториянын ишиндеги четтөөлөрдү көрсөтүү үчүн сынам жупнускалар алынышы мүмкүн .
7.4.6. Сынам жупнуска биринчи сынам алынган жерден алынган экинчи сынамды түшүндүрөт (алынган бир сынамды эки бөлүккө бөлүп коюуга болот), жана изилденүүчү аймактын бир участогунун абалын мүнөздөйт.

7.4.7. Сынам жупнуска эки же андан көп лабораторияга, же бир лабораторияга өз алдынча сынам катары, жеке идентификациялык номери менен, лабораториянын аналитикалык катасын аныктоо үчүн жөнөтүлөт. Ар бир он сынам үчүн бирден сынам жупнуска алуу сунуш кылынат.

## 7.5. Сынамдарды алуунун техникасы, сынамдарды алуу үчүн түзүлүштөр

7.5.1. Сынамдын булгануу тобокелдигин азайтуу үчүн тальк (майда порошок) колдонбостон нитриль же латекс кол каптарды колдонуу менен сынамдарды алууну жүргүзүү керек. Ар бир сынам үчүн башка жаңы жуп кол каптар колдонулат. Сынам алынгандан кийин кол каптарды чечип, аларды экинчи колдонуудан сынам булганбаш үчүн, колдонулган кол каптар үчүн пакетке салуу керек.

7.5.2. Бир жерден алынган сынамдар сынам алынуучу аянтчада ар бир сынам өзүн топурактын ошол тибинин окшош горизонттору же катмарлары үчүн типтүү болгон топурактын бөлүгүн билдирип тургандай эсеп менен конверт методу, диагоналдары боюнча же кандай ыкма болбосун бир же бир нече катмардан же горизонттордон алынат. Алдын ала жуулган дат баспас болоттон жасалган калак же чөмүч менен өсүмдүктөрдү жана топурактын үстүңкү катмарын алып салып, андан кийин сынам алынуучу зонадагы топурактын керектүү көлөмүн бошотуу керек. Сынам алуунун зонасы жердин рельефине жараша өзгөрүшү мүмкүн. 2 см узун тектердин сыныктарын жана фрагменттерин алып салуу үчүн сынамдар талаа шарттарында сорттолушу мүмкүн (бөлүкчөнүн өлчөмүнүн анализи үчүн сынамдан тышкары).

7.5.3. Сынам тыгыз жабылуучу капкагы бар тиешелүү контейнерге же атайын пакетке салынат. Жазы көзөнөгү бар лабораториялык айнек контейнерлерди же кыскычы менен полиэтилен пакетти колдонуу керек.

7.5.4. Сынамы бар контейнер же пакет алынган сынамдын идентификациялык номеринин так аныкталышын камсыз кылуучу ыкма менен маркировкаланууга тийиш.

7.5.5. Топурактын алынган сынамдары кийин ташып алып кетүү үчүн термоконтейнерге салынат.

7.5.6. Сынам алынуучу жердин координаттары GPS куралын - глобалдык позиционирлөө ситемасын пайдалануу менен аныкталууга жана жазылууга тийиш. Сынам алынуучу жерлердин картасын даярдоодо картада колдонулган координаттар системасына, координаттары жазылган куралдардын катачылыгы жана четтөөсү эске алынууга тийиш. Сынам алынуучу жердин орду визуалдык ориентир менен – айлана-чөйрөнүн булгануусун четке каккан мамычалар, желекчелер же боектор менен да белгилениши мүмкүн.

7.5.7. Ар бир сынам боюнча изилдөөлөрдүн техникалык документациясына төмөнкүлөрдү көрсөтүүчү маалымат киргизилет:

1) контейнердин (сынам салынган пакеттин) идентификациялык номери;
2) изилденүүчү аймактын, объекттин аталышы;

3) сынамдардын алынуучу орду;
4) жердин рельефи;
5) топурактын тиби;
6) сынам алынуучу аянтчанын визуалдык мүнөздөмөсү;
7) сынамды алуунун убагы жана датасы;
8) сынамдардын түрү (бир жерден алынган, курамдык);
9) сынамдын сакталышынын камсыздалышы тууралуу маалыматтар;
10) сынамды алуучу адамдын(-дардын) кызматтары, фамилиялары жана койгон колдору;
11) сынамдарды алууда катышкан адамдардын кызматтары, фамилиялары жана койгон колдору.

7.5.8. Топурактын сынамын алуу боюнча талаа жабдыктарын дезактивациялоо процедурасы ар бир сынам алынгандан кийин, төмөнкүдөй түрдө жүргүзүлөт:

1) Чоң жана көрүнүп турган булгоочу заттар щетка сыяктуу физикалык каражаттар менен алынып салынат.
2) Жабдуу фосфаттык эмес жууй турган аралашма менен жуулат, андан кийин дистиллирленген/деионизирленген суу менен чайкалат жана кургатылат.
3) Кайрадан дистиллирленген/деионизирленген суу менен чайкоо керек.

7.5.9. Адатта коммерциялык сатуучулар же лабораториялар тарабынан алынып келүүчү дистиллирленген/деионизирленген суу анолиттердин жоктугуна лабораториялык анализден текшерилген шарттарда сынам алуу боюнча жабдууларды дезактивациялоо үчүн колдонулушу мүмкүн. Чоргодон аккан суу же иштетилбеген ичүүгө жарактуу суу колдонууга боло турган алмаштыруучу болуп саналбайт.

**7.6. Сынамдарды сактоо үчүн идиш**

7.6.1. Сынамдарды таңгактоо, ташуу жана сактоо процесси аныкталып жаткан заттын анализинин максаттарына жана методдоруна жараша жүргүзүлөт.

7.6.2. Химиялык анализ үчүн алынган сынамдарды химиялык жактан нейтралдуу материалдан жасалган идиштерде таңгактоо, ташуу жана сактоо керек.

7.6.3. Учма химиялык заттардын кармалышына карата анализ жүргүзүү үчүн арналган сынамдарды кыналган тыгындары бар айнек банкаларга салуу керек.

7.6.4. Топурактын физикалык касиеттерин аныктоо үчүн алынган сынамдарда топурактын түзүмү сакталууга тийиш.

7.6.5. Патогендик организмдердин жана вирустардын болушуна анализденүүчү сынамдарды стерилденген идиштерде таңгактоо, ташуу жана сактоо керек.

## 7.7. Сынамдарды сактоо жана ташуу

7.7.1. Сынамдар маркировкаланууга жана идентификациялык номери көрсөтүлгү менен этикеткасы болууга тийиш.
7.7.2. Топурактын алынган сынамдары термоконтейнерге салынат. Термоконтейнердин ичиндеги температура + 3°С тан + 4°С ка чейинки деңгээлде кармалып турушу керек.
7.7.3. Лабораториялык анализдерди жүргүзгөнгө чейин сынамдын курамында өзгөрүүлөрдүн болушуна жол бербөөгө мүмкүндүк берүүчү мөөнөттөрдө сынамдарды ташуу жүзөгө ашырылат.
7.7.4. Биологиялык текшерүүлөр үчүн, ошондой эле метаболизирленген химиялык заттардын болушун аныктоо үчүн, сынамдар алынгандан кийин 5 сааттын ичинде анализденүүгө тийиш.

## 7.8. Сынамдарды алуудагы коопсуздук техникасы

7.8.1. Топурактын сынамдарын алууга жашы 18 ден өткөн, коопсуздук техникасы боюнча инструктаждан жана тиешелүү түрдөгү ишмердүүлүктү жүргүзүүгө аттестациядан өткөн адамдарга уруксат берилет.
7.8.2. Сынамдарды алууда атайын кийимдерди колдонуу зарыл: униформа, жүрүшкө кийүүчү геологиялык ботинкалар же резина өтүк, кол каптар.
7.8.3. Иштин тартиби, сынам алынуучу жердин ордун тандоо кооптуулук минимумга чейин азайтылгандай болуп пландаштырылат.
7.8.4. Сынамдарды алуу, аларды даярдоо жана лабораторияга чейин жеткирүү үчүн, коопсуздук техникасы үчүн топтун жетекчиси жоопкерчиликте болот.
7.8.5. Ушул Методиканын бардык талаптарынын сакталышынын зарылдыгы.

## 8. Радиациялык фонду өлчөөнүн эрежелери

### 8.1. Радиациялык фондун өлчөөлөрү

8.1.1. Радиациялык контроль радиациялык коопсуздукту камсыз кылуунун маанилүү бөлүгү болуп саналат жана төмөнкүдөй максаттары бар:

1) нормалдуу иштөөдө дозалардын белгиленген негизги чектеринен жана жол берилген деңгээлдеринен ашып кетпөөнү кошуп, радиациялык коопсуздуктун принциптерининин жана нормативдердин талаптарынын сакталышынын даражасын аныктоо;
2) радиациялык кырсыктар болгон, жерлер жана имараттар радионуклиддер менен булганган учурда, ошондой эле аймактардагы жана имараттардагы табигый нурдануунун жогорку деңгээлинде коргоону оптималдаштыруу жана кийлигишүү жөнүндө чечимдерди кабыл алуу үчүн керектүү маалыматтарды алуу.

8.1.2. Контролдун түрлөрүнүн конкреттүү тизмеси жана көлөмү радиациялык объекттин долбооруна киргизилет.

8.1.3. Радиациялык контроль «Радиациялык коопсуздук жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамына жана «СанПиН 2.6.1.2523-09 Санитардык эрежелерге жана нормативдерге, НРБ-99/2009 Радиациялык коопсуздук нормаларына» негизденип жүзөгө ашырылат.

8.1.4. Ушул Методика жерлердеги гамма-фонду өлчөө максатында радиометрикалык изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн арналган. Жана радиациянын дозасы жол берилгенден ашкан кырсыктуу кырдаалдарга жайылтылбайт жана атайын жабдыктар талап кылынат.

### 8.2. Изилдөөлөрдүн милдеттери

8.2.1. Радиациялык контролду жүзөгө ашырууда алдыңкы орундардын бирин радиометрикалык гамма-өлчөө изилдөөлөр ээлейт.

8.2.2. Радиометрикалык изилдөөлөр жерлердин экспозициялык дозасын жана анын кубаттуулугун изилдөө максатында жана калктын тышкы жана ички нурдануулорынын дозаларын аныктоо максатында жүргүзүлөт

8.2.3. Өтө жеткиликтүү метод болуп жөө жүрүп радиометрикалык өлчөө эсептелет.

8.2.4. Мындай өлчөөнүн милдети болуп:

1) байкоо жүргүзүлүп жаткан жер үчүн мүнөздүү болгон, фондон 3 эседен көп ашкан жогорку нурдануусу менен аянттарды табуу;
2) контролдонуучу байкоо жүргүзүлүүчү зонанын чектеринде техногендик мүнөздөгү радиоактивдүү булгануу участокторун табуу;
3) аномалдуу участокторду деталдаштыруу;
4) радиоактивдүү булгоо объектилерин жоюу же дезактивациялоо боюнча иштердин көлөмүн аныктоо саналат.

## 8.3. Изилдөөлөрдүн орду

8.3.1. Иштин көлөмүн тандап алуу жаратылыш шарттарынын татаалдыгынан жана аймактын техногендик чечилбестигинен, экономикалык жана социалдык маанилүүлүгүнөн (калктын жыштыгы, чарбачылык өздөштүрүүнүн мүнөзү, коммуникациялардын болушу ж.б.) көз каранды.
8.3.2. Калк жашаган пункттарда радиометрикалык байкоо жүргүзүүлөрдүн желеси 100*100 же 200*200 м. Аймактагы жана имараттын ичиндеги дозанын кубаттуулугу менен аныкталат (курулуштун жок дегенде 20%да өлчөөлөрдү аткаруу керек). Ар бир объекттин айланасында 5 тен кем эмес өлчөө жана имараттын ичинде 2-3 өлчөө алынат. Калк жашаган пункттардын ареалында (зона 2.5 км) өлчөөлөрдүн желеси 2 эсе аз болушу мүмкүн.
8.3.3. Радиациялык контролдоого төмөнкүлөр тийиш:

1) нурдануу булактарынын радиациялык мүнөздөмөлөрү, суюк жана катуу радиоактивдүү калдыктардын атмосферага чыгындылары;
2) жумуш орундарында жана айлана-чөйрөдө технологиялык процесстер тарабынан түзүлгөн радиациялык факторлор;
3) булганган аймактардагы жана жогорку деңгээлдеги табигый нурдануусу бар имараттардагы радиациялык факторлор
4) нурдануунун бардык түрлөрүнөн персоналдардын жана калктын нурлануу деңгээли.

## 8.4. Өлчөөлөрдү жүргүзүүнүн мезгилдүүлүгү жана узактыгы

8.4.1. Өлчөөлөрдү жүргүзүүнүн мезгилдүүлүгү жана узактыгы объекттин иштөө режими жана изилдөөнүн максаттары эске алынуу менен белгиленүүгө тийиш (СанПиН 2.6.1.2523-09).
8.4.2. Өлчөөлөрдү жүргүзүүнүн белгиленген мезгилдүүлүгү алынган маалыматтар эске алынуу менен кайра каралышы мүмкүн. Тазалоочу курулмаларды ишке киргизүү жана оңдоо, кырсыктуу кырдаалдар ж.б. ушул сыяктуу өзгөчө шарттар жаралып калган учурларда өлчөөлөрдүн мезгилдүүлүгүн көбөйтүү зарыл.

## 8.5. Өлчөөлөрдүн техникасы, түзүлүштөр

8.5.1. Жумуш куралдары катары портативдүү СРП-68-01, СРП-88 радиометрлери, «ДКС-96» дозиметр – радиометри же техникалык мүнөздөмөлөрү көрсөтүлгөндөрдүн мүнөздөмөлөрүнөн артыкчылыктуу же теңдеш болгон куралдар колдонулушу мүмкүн.
8.5.2. Иш башталар алдында куралдардын бардыгы тийиштүү лабораторияларда каттоодон өтүүнүн баштапкы энергетикалык чегине тууралануга жана мамлекеттик текшерүүдөн өтүүгө тийиш (жылына бир жолу же детектордук жупту алмаштырууда). Текшерүүнүн мөөнөтү өткөрүлүп жиберилген курал менен иштөөгө тыюу салынат.

8.5.3. Радиометрикалык гамма-өлчөөчү изилдөөлөр башталганга чейин радиометр куралды пайдалануу боюнча нускамага ылайык оптималдуу режимге тууралanат.
8.5.4. Радиометрдин сезгичтигин контролдук булак боюнча коюу керек, ал паспорттук маалыматтарга туура келүүгө тийиш.
8.5.5. Жөө жүрүп өлчөөлөрдү жүргүзүүнүн жүрүшүндө гамма нурларынын табигый фонуна жер бетинен 1 м бийиктикте 5*5 өлчөмүндөгү аянтчада 5тен кем эмес өлчөө жүргүзүү керек (конверт боюнча). Белгиленген чекитте өлчөө убактысы 5 секундадан кем эмес. Өлчөөлөрдүн орточосу чыгарылат, жана орточо мааниси жазылат. Жөө жүрүп өлчөөнүн ылдамдыгы 2.0 км/сааттан ашпоого тийиш. Айрым объектилердеги ири масштабдар үчүн точкалык белгиленген өлчөөлөр колдонулат.
8.5.6. Сынам алынуучу жердин координаттары GPS куралын - глобалдык позиционирлөө ситемасын пайдалануу менен аныкталууга жана жазылууга тийиш. Сынам алынуучу жерлердин картасын даярдоодо картада колдонулган координаттар системасына, координаттары жазылган куралдардын катачылыгы жана четтөөсү эске алынууга тийиш. Сынам алынуучу жердин орду визуалдык ориентир менен – айлана-чөйрөнүн булгануусуна жол бербеген мамычалар, желекчелер же боектор менен да белгилениши мүмкүн.
8.5.7. Ар бир сынам боюнча изилдөөлөрдүн техникалык документациясына төмөнкүлөрдү көрсөтүүчү маалымат киргизилет:

1) идентификациялык номери (өлчөөнүн номери);
2) изилденүүчү объекттин аталышы;
3) өлчөөлөрдү жүргүзүүнүн орду;
4) өлчөөлөрдү жүргүзүүнүн убагы жана датасы;
5) өлчөөлөрдү жүргүзүүнүн ыкмасы (өлчөгүчтүн тиби/маркасы);
6) куралдын көрсөтмөлөрүнүн натыйжалары;
7) өлчөөлөрдү аткарган адамдын(-дардын) кызматтары, фамилиялары жана койгон колдору;
8) өлчөөлөргө катышкан адамдардын кызматтары, фамилиялары жана койгон колдору.

## 8.6. Изилдөөлөрдү жүргүзүүнүн учурундагы коопсуздук техникасы

8.6.1. Өлчөөлөрдү жүргүзүүгө жашы 18 ден өткөн, коопсуздук техникасы боюнча инструктаждан жана аттестациядан өткөн адамдарга уруксат берилет.
8.6.2. Радиациянын фону жогору болгон зоналарда коргоочу кийимдерди кийип жүрүү керек жана радиациялык коопсуздук нормаларынын бардык талаптарын сактоо зарыл.
8.6.3. Иштин тартиби, ордун тандоо жана жабдыктарды иштетүү кооптуулук минимумга чейин азайтылгандай болуп пландаштырылат.
8.6.4. Өлчөөлөрдү аткаруу, аларды даярдоо жана натыйжалары, коопсуздук техникасы үчүн топтун жетекчиси жоопкерчиликте болот.

8.6.5. Ушул Методиканын бардык талаптарынын сакталышынын зарылдыгы.

**1-тиркеме**

**Суунун, топурактын сынамын алуунун,**
**абанын булганышын жана курчап турган чөйрөнүн**
**радиациялык абалын өлчөөнүн**
**методикасына карата**

## ЖҮРГҮЗҮЛГӨН ИШТЕРГЕ КАРАТА ТАЛАПТАРДЫ БЕЛГИЛӨӨЧҮ НОРМАТИВДИК-ТЕХНИКАЛЫК ДОКУМЕНТАЦИЯНЫН ТИЗМЕСИ

| № | Стандарттын белгилениши | Стандарттын аталышы |
|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 |
| 1. | ГОСТ 17.1.3.07-82 | Жаратылышты коргоо. Гидросфера. Деңиз сууларынын сапатын контролдоонун эрежелери. |
| 2. | ГОСТ 17.1.3.07-82 | Жаратылышты коргоо. Гидросфера. Көлмөлөрдөгү суулардын жана аккан суулардын сапатын контролдоо эрежелери. |
| 3. | ГОСТ 17.1.4.01-80 | Жаратылышты коргоо. Гидросфера. Жаратылыш жана агынды суулардагы мунай продуктыларын аныктоо методдоруна карата жалпы талаптар. |
| 4. | ГОСТ 17.1.5.04-81 | Жаратылышты коргоо. Гидросфера. Жаратылыш сууларынын сынамдарын алуу, алгачкы иштетүү жана сактоо үчүн куралдар жана түзүлүштөр. Жалпы техникалык шарттар. |
| 5. | ГОСТ 17.1.5.05-85 | Жаратылышты коргоо. Гидросфера. Жер үстүндөгү суулардын жана деңиз |

| | | |
|---|---|---|
| | | сууларынын, муздун жана жаан-чачындардын сынамдарын алууга карата жалпы талаптар |
| 6. | ГОСТ 17.2.1.01-76 | Жаратылышты коргоо. Атмосфера. Курамы боюнча чыгындылардын классификациясы. |
| 7. | ГОСТ 17.2.1.03-84 | Жаратылышты коргоо. Атмосфера. Булганууну контролдоонун терминдери жана аныктамалары. |
| 8. | ГОСТ 17.2.2.03-87 | Жаратылышты коргоо. Атмосфера. Бензин менен иштөөчү кыймылдаткычы менен автомобилдердеги иштетилген газдарда камтылган көмүртектин кычкылы жана көмүр суутектердин нормалары жана өлчөөлөрдүн методдору. Коопсуздук талаптары. |
| 9. | ГОСТ 17.2.3.01-86 | Жаратылышты коргоо. Атмосфера. Калк жашаган пункттардын абасынын сапатын контролдоо эрежелери. |
| 10. | ГОСТ 17.2.4.06-90 | Жаратылышты коргоо. Атмосфера. Стационардык булгоо булактарынан бөлүнүп чыккан чаңдардын жана газдардын агымынын ылдамдыгын жана чыгымын аныктоонун методдору. |
| 11. | ГОСТ 17.4.1.02-83 | Жаратылышты коргоо. Топурак. Булганууну контролдоо үчүн химиялык заттардын классификациясы. |
| 12. | ГОСТ 17.4.3.01-83 | Жаратылышты коргоо. Топурак. Сынамдарды алууга карата жалпы талаптар. |
| 13. | ГОСТ 17.4.4.02-84 | Жаратылышты коргоо. Топурак. Химиялык, бактериологиялык жана гельминтологиялык анализ үчүн сынамды алуу жана даярдоо методдору. |
| 14. | ГОСТ Р 51592 – 2000 | Суу. Сынамдарды алуу боюнча жалпы талаптар. |
| 15. | ГОСТ Р 50820-95 | Газды тазалоочу жана чаңды тосуучу жабдуу. Чаңдардын жана газдардын агымынын чаңдуулугун аныктоо методдору. |
| 16. | ГОСТ 28168 - 89 | Топурактар. Сынамдарды алуу. |
| 17. | НВН 33-5.3.01- 85 | Агынды суулардын анализи үчүн сынамдарды алуу боюнча нускама. |

**2-тиркеме**
**Суунун, топурактын сынамын алуунун,**
**абанын булганышын жана курчап турган чөйрөнүн**
**радиациялык абалын өлчөөнүн**
**методикасына карата**

# СЫНАМДАРДЫ АЛУУНУН ПРОТОКОЛУ

______________________________________________
Сынамды жөнөткөн мекеменин аталышы

№ __сынам алуу протоколу

изилдөөгө________________________________________________________________
(алынган сынамдагы компоненттер)

«____»- _______________________ 20___-ж.

Изилденип жаткан объекттин аталышы ____________________________________________

_______________________________________________________________________________

Алуу убактысы_______________________жеткирүү убактысы

Ташып алып келүүнүн жана сактоонун шарттары

____________________________________________________

Изилдөөнүн максаты

__________________________________________________________________

Кошумча маалыматтар ____________________________________________________________

Таңгактоонун

түрү______________________________________________________________________

Алуу методуна карата НТД

_________________________________________________________________

Консервациялоо методуна карата

НТД____________________________________________________________

| № | Сынамдын үлгүсүнүн аталышы | Саны | Сынамды алган жердин сыпаттамасы |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |

Сынамды алган адам ___________________________________________________

___________________________________________________

Сынамды алууда катышкан адамдар _____________________________________

___________________________________________________

___________________________________________________

___________________________________________________